АЛЫМБАЕВА БЕРМЕТ БЕКЕШОВНА
САБЫРОВА ЭЛЬЗАДА СЫДЫКОВНА

2-КЛАССТАР ҮЧҮН ТАРБИЯЛЫК САТТАР

Бишкек - 2022-ж.

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДОО ЛАБОРАТОРИЯСЫ

Алымбаева Бермет Бекешовна
Сабырова Элзада Сыдыковна

Билимдүү адам – коомдун келечеги
2-класс

(Класс жетекчилер үчүн методикалык иштелме)

КББАнын Окумуштуулар кеңеши
№ 2 от 23.05.2022 кол жазманы басууга сунуштады

Бишкек – 2022

УДК 31
ББК 81.4 Ки
А -18

Рецензенттер: Абдиева Эльмира Чүй облусу, Сокулук району, Чат-Кель айылы, З. Кайназарова мектептин мүдүрү,
Табалдиева Нурмира Төлөбаевна А. Профессор Айдаркан Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин тарбия иши боюнча директордун орун басары.
Мамбеталиева Назгул Токтогазиевна № 32 орто билим берүү мектебинин Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, **Майрыкова Ж.Ш.** Свердлов районундагы № 35 ЖОББМнин мүдүрү.

ISBN 978-9967-28-560-20

Билимдүү адам – коомдун келечеги/ Түз / Б.Б. Алымбаева – Б.: 2022. – 73 б.

Бул методикалык иштелме жалпы билим берүүчү мектептерде эмгектенген тарбия иштери боюнча директордун орун басарына, класс жетекчилерге, педагогика менен байланышкан кесипке даярданып жаткан студенттерге арналат.

КИРИШҮҮ

Бул методикалык ителмеде 2-класстардын класс жетекчилеринин аткара турган иштери камтылды. Мекеним – Кыргызстан, китеп – билим булагы, коомдук тартип, билимдүүгө дүйнө жарык, адеп – ыймандын сырткы көрүнүшү, эр энеден туулат, эл үчүн жашайт, эл достугу – улук, жана башка материалдар сунуш этилди. Иштелме класс жетекчинин иш-аракетинин негизги багыттары көрсөтүлдү. Алар төмөнкүлөр:

- класстык коллектив менен иш алып баруу;
- класстык сааттарда өткөрүлүүчү иш-чаралардын сценарийлери.

Жаш муундарга улуттук педагогиканын баалуулуктарын колдонуу менен татыктуу, сапаттуу таалим-тарбия жана билим берүү тармагы, айрыкча мугалимдердин эң негизги милдеттеринин бири болууга тийиш.

«Мекен» деген сөз кыргызда ата-бабанын конушу, балалыктын балдай таттуу учурларын башынан өткөргөн, киндик кан тамган ыйык жерди билдирет эмеспи.

Ата Журтубуз эң улуу сөздөр менен даңазалуу. Ар бир элдин жугумдуу насаат сөзү, каада салты, эмгеги, сулуулугу, эрдиги, тарыхы бар. Биздин эң баалуу мурасыбыз-бабалардан калган касиеттүү Ала-Тообуз.

Биздин ата-бабаларыбыздын, аскасы булут жамынган, кооз тоолорду, дүйнөдө теңдеши жок табияттын бермети Ысык-Көлдү, түшүм берекеси мөл төгүлгөн кулпурган өрөөндөрдү, мөлтүр тоо булактары менен дарыяларды көздүн карегиндей ыйык сактап, эбегейсиз зор мурасты калтырганы кандай гана чон бакыт. Мына ушундай жерде сыйчыл, кең пейил, токтоо жана эмгекти сүйгөн карапайым элибиз жашайт. Ата -бабаларыбыз илгерттен эч бөтөн элге, жерге баскынчылык жасабаган. Жан дүйнөсү таптаза, чынчыл, кең пейил болгон. Мисалы тарыхчылар жана социологдордун иликтөөсү боюнча мекенибизде жүз жыйырма улуттун өкүлдөрү жашайт. Ушул маалымат мекенимдин канчалык кен пейилдигин далилдеп турат эмеспи.

Албетте, канчалаган улуттар өз мекенин коргой албай ушул күнгө чейин азабын тартып, жок болуп баратат. Ар бир кыргыздын жүрөгү «мекеним» деп согуп, жаштарыбыз бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, ыймандуу, билимдүү эр-жүрөк болуп, ыйык мекенибизди сактап, келечекке эбегейсиз зор байлыкты тартуулоо атуулдук милдет.

Көз карандысыз эгемендүү өлкө болуп мекеним өнүгүү жолунда кимди гана кубандырбай койбойт. Тарыхы бай, жаратылышы кооз, улуттук кийимдери, каада салты, музыкалык аспаптары менен башка өлкөлөргө таанымал.

Бейиш жерибизге дүйнө жүзү суктанып, көз артып турганына шек жок, колубуздагы алтындан кымбат, баасы жок мекенибизди кадырлап, барктап, даназалап асырап алганга не жетсин. Күн сайын эмес, саат сайын мекенибиздин өсүп өнүгүүсүнө салым кошуп, балдарга мыкты билим берип, компетенттүү инсанды тарбиялап мекенибиздин өсүүсүнө салым кошолу.

Ошентип, элдин маданиятынын ажырагыс бир бөлүгү болуу менен жаш муундарды гумандуулукка, өз жерин сүйүүгө, адамкерчиликке, эмгекчилдикке, жашоого ишенимдүү кароого жана башка ушул сыяктуу сапаттарга тарбиялап, калыптандырып, мурас катары муундан-муунга өтүп келген. Башка элдер сыяктуу кыргыз эли да көптөгөн кылымдар аралыгында топтоштурган өзүнүн элдик педагогикалык маданиятын бүгүнкү күнгө чейин улантып келүүдө.

Республикабызда билим берүү тармагы дүйнөлүк стандартка өтсө да, жаш муундарга тарбия берүү бүгүнкү күндөгү көйгөлүү маселелерди чечүүгө багытталышы жана элдин тарбия салтына негизделип жүргүзүлүшү максатка ылайыктуу. Элдик педагогикалык каражаттардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн мугалимдин жакшы билүүсү, ал маселелерди терең түшүнүүсү, ага тарбия иштерин натыйжалуу жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Мектеп мугалимдерине жана класс жетекчилерине жалпы эле тарбия берүү маселелерине кызыккандарга элдик педагогиканын каражаттары жөнүндө түшүнүк берүү максаты ушул китепчени жазууга түрткү берди.

КЛАССТЫК ТАРБИЯЛЫК СААТТАРДЫН БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛАРЫ

ТЕМА: “МЕНИН МЕКЕНИМ КЫРГЫЗСТАН”

(2-класс)

Мекеним – Кыргызстан! 1-сентябрда билим күнүндө жалпы билим берүүчү орто мектептин башталгыч класстарында өтүлүүчү сабактын болжолдуу үлгүсү

Сабактын максаты:

Ата мекенди сүйүүгө жана ата журту менен сыймыктанууга тарбиялоо;

Улут аралык достук биримдик, тынчтык – мекенибиздин өнүгүшүнүн негизги шарты экендигин кенже окуучулардын аң-сезимине жеткирүү;

Байкоо жүргүзүү жана салыштыруу.

Класстык сааттын милдеттери:

Сабактын жабдылышы: Кыргызстандын картасы, герб, ГИМН, Мекендин жаратылышын чагылдырган сүрөттөр, макал-лакаптар.

Сабактын формасы: аралаш сабак.
Сабактагы предмет аралык байланыш: Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, практикалык.

Сабактагы негизги иш-аракеттер:

- Мекенибиздин жаратылышы, Мамлекетибиздин символдору, элибиздин улут аралык достугу, ынтымагы, түрдүү улуттардын маданияты, үрп-адаты тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү.
- Мекен тууралуу ыр ырдоо, макалдардын маанисин чечмелөө.

Сабактын негизги идеясы: Мекенди сүйүү, билим жана тарбия, ынтымак, окуудагы ийгилик, чың ден соолук Кыргызстандын гүлдөп өсүшүнө кошкон салым экендигин окуучуларга түшүндүрүү.

Класстык сааттын планы:

1. Уюштуруу учуру – 3 мүнөт.
2. Сабакты өтүүгө киришүү – 8 мүнөт.
3. Сабактын негизги болүгү – 25 мүнөт.
4. Сабактын жыйынтыгын чыгаруу – 9 мүнөт.

I. Сабактын жүрүшү:

Мугалим: Балдар! Биз бүгүн “Менин Мекеним - Кыргызстан” деген темада тарбиялык саат өтөбүз.

Мекен тили Ата журттун кареги.

Биримдиги күч кубаттын тиреги.

Мекен тили куттуу кыргыз элимдин,

Көкүрөккө согуп турган жүрөгү.

Орундарыңардан туруп оң колуңарды жүрөгүңөрдүн тушуна коюп видео менен чогуу Гимди ырдайбыз. (Кыргызстандын Гимни видеодон коюлат).

Кыргыз Республикасынын

Мамлекеттик гимни

Кыргыз Республикасынын гимни

1992-жылы 18-декабрда

огорку Кеңеш тарабынан бекитилген.

Сөзү: Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики

Музыкасы: Н. Давлесов,

К. Молдобасановдуку.

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-тоосун Мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.
Кайырма:
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,

Өз тагдырың колуңда.
Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата-салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

МАМЛЕКЕТТИК СИМВОЛДОР

Мугалим: Азыр балдар силерге Мамлекеттик символдор жөнүндө айтып берем.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу

Туу Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин 1992-жылдын 3-мартындагы токтому менен бекитилген.

Авторлук жамаат: Э. Айдарбеков, Б. Жайчыбеков, С. Иптаров, Ж. Матаев, М. Сыдыков.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу ортосуна кырк нуру тегиз чачыраган алтын түстөгү күн алкагынын ичине кыргыз боз үйүнүн кызыл түстөгү түндүгүнүн сүрөтү түшүрүлгөн тик бурчтуу кызыл кездемеден жасалган. Нурлуу алкактын диаметри туунун энинин бештен үчүн түзөт. Күндүн жана нурлуу алкак диаметрлеринин катышы - бештен үчкө барабар. Түндүктүн диаметри нурлуу алкактын диаметринин жарымына барабар.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби

Герб Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 14-январындагы токтому менен бекитилген.
Автор: А. Абдраев и С. Дубанаев.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби ак кырбууланган көк түстөгү тегеректин ортосундагы, башкы планда кыргыз турмушунун символу канатын жайган ак шумкардын элеси

берилген. Байыркы кыргыздарда гербдин милдетин тамга аткарып келген. Ар бир кыргыз уруусунун өзүнүн тамгасы болгон. Мисалы, кыргыздын бугу уруусунун тамгасы жагалмай аттуу куштун учуп бараткан элеси болгон. Кыргызстандын гербиндеги ак шумкар өзүн-өзү коргоого жөндөмдүү жаш демократиялык мамлекетибизди, көлдүн нары жагында жайгашкан Ала-Тоо. Тоо кыркаларынан жана алтын нурун чачыратып чыгып келе жаткан күндөн, тегеректин эки капталынан орун алган пахтанын жана буудайдын сабындагы башынын сүрөтүнөн, тегеректин жогорку бөлүгүндө орун алган "Кыргыз" жана тегеректин төмөнкү бөлүгүнөн орун алган "Республикасы" деген жазуудан турат. Жерибиз Ысык-Көл, Соң көл, Чатыркөл өңдүү тунук көлдөрүбүз, мол түшүмдүү айдоо аянттарыбыз, жөнүндө маалымат берет.

Сабактын максаты: Мекенди сүйүү, анын жаратылышын, символдорду, улут аралык достук, окуудагы ийгилик, тартип, тарбия туралуу ой бөлүшөбүз.

Мен сыймыктанам

Атабыз Манас эр менен,

Ак калпактуу тоо менен,

Ажайып кооз жер менен,

Суйкайган сулуу көл менен.

Баа жеткис каада-салт менен,

Сыймыктанып келебиз,

Көп улуттуу эл менен! (*Балдар ырды угушат*).

Мекенибиздин гүлдөп өсүшүүнүн, мамлекеттин символдорун ыйык

сактап, силер жакшы билим-тарбияга ээ болуп, каада-салтты үйрөнүп, көп улуттуу эл менен достукта, ынтымакта жашап, өлкөбүздүн өнүгүшүнө өз салымыбызды кошуубуз абзел.

Мугалим менен окуучунун иш-аракети (суроо-жооп)

Суроолор:

- "Мен сыймыктанам" деген ырдын мазмуну эмне жөнүндө экен?
- Мекенибиздин жаратылышы, символдору жөнүндө эмне айта аласыңар?
- Мекен жөнүндө макал билесиңерби?
- Биздин Республикабызда кайсы улуттагы элдер жашайт?
- Кайсы улуттан досторуңар бар?

(Окуучулар берилген суроолор боюнча жуп-жуп болуп бирге ойлонуп,

оюңарды топтоп жообуңарды так, туура айтууга жооп берсеңер болот).

Азыр балдар биз Абдрасул Токтомушевдин "Булбул" деген жомогун угабыз. (*Окуучулар жомокту угушат*).

Илгери-илгери бир падыша жашаган экен. Бир күнү керемет сайраган булбулду алтын капаска кармоону буйруйт.

Падыша булбулдун сайраганынан ырахат алат. Бирок эмнегедир булбул мурункудай таттуу сайрабай калат. Падыша канаттуулардын тилин түшүнгөн кишини чакыртат.

Канаттуулардын тилин түшүнгөн киши мындай дейт: «Булбул бир эле сөздү кайталай берет экен: «Мекен» деп.

Анан падыша мекени кайда экенин билүү үчүн булбулду коё берүүнү буйруйт. Падышанын кызматчылары чымчыктын артынан ээрчишип, боз бактардын арасынан булбулдун уясын көрүшөт. Мына булбулдун сайраган мекени дешкен экен.

Мугалим: - Адам Мекенин сүйөт, булбул гулзарын сүйөт – дегендей биз сыяктуу эле канаттуу куштар да өз мекенин сүйөт, сагынат. Жомоктун негизги идеясы мекенин сүйүп куса болгонунда. Мекенди сүйүү бул – жакшы окуп, тартиптүү болуу. Бабалардан калган каада-салтты билүү, символдорду ыйык сезүү, эне тили менен сыймыктануу, чынчыл адептүү болуп бардык улут менен ынтымакта жашоо.

Суроолор:

1. Жомокто кимдер катышып жатат?
2. Бул жомоктун бүгүнкү сабакка кандай байланышы бар?
3. Жомок эмнеси менен жакты?
4. Бул жомоктун негизги максаты эмнеде?

(Балдар топко бөлүнөт, ойлонот, ойлорун топтоп бир ойго келишет. Топтон бирден окуучу чыгып жактайт).

Күтүлгөн натыйжа:

Окуучулардын арасында позитивдүү маанай түзүлүп, башка элдердин өкүлдөрүнүн ортосундагы достуктун чыңдалышына салым кошуп, Кыргызстан элдеринин тарыхына болгон кызыгуу артууда.

Сабактын жыйынтыгы:

Эми балдар, силерге суроо бергим келип турат:

1. *Кыргызстанда кандай элдер жашайт?*
2. *Кайсы тилдерде сүйлөй аласыңар?*
3. *Кыргызстан элдеринин кандай музыкалык аспаптарын билесиз?*

4. *Кыргызстандын кандай элдеринин ырларын билесиңер?*

Бабалар сөзүн билип жүр!

1. **“** Мекенден айрылганча – өмүрдөн айрыл”.
2. “Мекендин бактысы өмүрдөн кымбат”.
3. «Мекенсиз адам – үнсүз булбул».
4. “Кыргыз болуп туулган соң, кыргыз боло билели”.
5. “Жаратылыштын сулуулугу жазда билинет”.
6. “Табиятты бүлүндүрүү – адепсиздик”.

Жыйынтыктоо: Мекенди сүйүү бул – жакшы окуп, тартиптүү болуу. Бабалардан калган каада-салтты билүү, символдорду ыйык сезүү, эне тили менен сыймыктануу, адептүү болуу.

Үйгө тапшырма:
“Мекен жөнүндө ыр” жаттап келгиле.

ТЕМА: “АТА ЖУРТУМ, КИЧИ МЕКЕНИМ.”
(2-класс)

Бийик нарктуу улуу кыргыз элим бар,

Береке мол, ажайып кооз жерим бар.

Бабалардын кылым кезген мурасы,

Ата-Мекен сенин ыйык демиң бар.

Сабактын максаты: Кыргыз мамлекетинин символдору жөнүндө билимдерин бекемдешет, улуттук жана маданий баалуулуктарды билишет,

Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн 30-жыл аралыгындагы мамлекеттин өсүп-өнүгүүсү боюнча маалымат алышат.

Билим берүүчүлүк: Кыргыз шаарлары, символикалык белгилери, ата-бабалардан калган улуу мурастары менен таанышат.

Өнүктүрүүчүлүк: Кабыл алуусу, ой жүгүртүүсү, эске тутуусу, көңүл буруусу калыптанат.

Тарбия берүүчүлүк: Ата-Мекенди сүйүүгө, толеранттуулукка тарбияланышат.

Сабактын жабдылышы: Кыргызстандын картасы, герб, ГИМНДИН сөздөрү, Мекендин жаратылышын чагылдырган сүрөттөр, макал-лакаптар.

Сабактын формасы: аралаш сабак.
Сабактагы предмет аралык байланыш: Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, практикалык.

Сабактагы негизги иш-аракеттер:

1. Мекенибиздин жаратылышы, Мамлекетибиздин символдору, элибиздин улут аралык достугу, ынтымагы, түрдүү улуттардын маданияты, үрп-адаты тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү.

2. Мекен тууралуу ыр ырдоо, макалдардын маанисин чечмелөө.

Сабактын негизги идеясы: Мекенди сүйүү, билим жана тарбия, ынтымак, улут аралык достук, окуудагы ийгилик, чың ден соолук — Кыргызстандын гүлдөп өсүшүнө кошкон салым экендигин окуучуларга түшүндүрүү.

САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ: Уюштуруу.

Мугалим окуучуларды окуу жылынын башталышы менен куттуктайт (гимн ырдалат).

Жагымдуу маанай түзүү: Окуучуларды доскага чакырып 10 кишиден, бир-бирине жакшы сөздөрдү айттыруу.

Мугалим: - Кыргызстан ким силер үчүн?

Балдар: Кыргызстан менин (мекеним, үйүм, өлкөм, жерим, сыймыгым, ата-энем, ата-журтум, келечегим, бактым).

Мугалим: “Мекен”, “Кичи мекен” деген сөз кыргызда ата-бабанын конушу, балалыктын балдай таттуу учурларын башынан өткөргөн жерди билдирет.

Биздин Мекенибиз, Улуу Жибек жолунда жайгашкан, Борбор Азиядагы тоого бай, күнөстүү Кыргызстаныбыз.

Ата Журтубуз эң назик сөздөр менен даңазалоого татыктуу. Ар бир элдин жугумдуу насаат сөзү, каада-салты, эмгеги, сулуулугу, эрдиги, тарыхы болот эмеспи. Кыргызстандын эң баалуу мурасы - бабалардан калган касиеттүү Ала-Тоо жергеси.

Биздин ата-бабаларыбыз урпактарына аскасы булут жамынган кооз тоолорду, дүйнөдө теңдеши жок табияттын бермети - Ысык-Көлдү, түшүм берекеси мол төгүлгөн кулпурган өрөөндөрдү, мөлтүр тоо булактары менен дарыяларды асырап жана нукура кооздукта мурас калтырышты.

Ар бирибиздин кичи мекенибиз бар. Ал - асман тиреген тоолордун, шаркырап аккан суулардын, бийик мөңгүлөрдүн, көз жоосун алган

жайыттардын, токойлордун, тунук жана кооз көлдөрдүн жери. Мына ушундай жерде сыйчыл, токтоо жана эмгекти сүйгөн карапайым адамдар жашайт.

Кыргыздар өзүнүн бай тарыхы, кооз жаратылышы, улуттук кийимдери, каада-салты, музыкалык аспаптары, жада калса ичимдиги менен башка өлкөлөрдөн айырмаланат. Кыргызстанда канчалаган ойчул, талант ээлери, тайманбас баатырлар, кайраттуу энелер жашап өткөн.

Ушундай бейиштегидей жерибизде дүйнө жүзүнө белгилүү адамдар эмгектенип, өмүр сүрүшөт. Биз Кыргызстанда төрөлгөнүбүз үчүн сыймыктанышыбыз керек! Күн сайын эмес, саат сайын өлкөбүздүн гүлдөшүн, экономикабыз өнүгүшүн каалайбыз. Туурабы, балдар.

- **Балдар, кичи мекен деген эмне?** Бул сөз баардыгыбыз үчүн өзгөчө кымбат жана ыйык. Мекен – бул ар кимдин каны тамган гана жери эмес, ал учу-кыйырына көз жетпеген ажайып керемет өлкөбүз – кыргыз жери. Кичи мекен деген аялуу сезим дайыма адамдардын жүрөгүнүн түпкүрүнөн орун алып, Ата-мекен деген ыйык сөз биздин сезимибизде жашап келет.

Мекенге карата болгон сезим – ал патриотизм. Мекенин сүйгөн адамды – патриот дейт. Патриот, патриотизм деген сөздөрү гректин “патрис” деген сөзүнөн чыккан. Бул сөз Мекен дегенди билдирет.

- **Кичи мекен деген түшүнүк эмнени билгизет?** Ал сенин өскөн айылың, шаарың, көчөң, тарбия алган үйүң.

Айыл – деген ал сенин алтын бешигиң, демиңе дем кошо турган, күчүңө күч кошо турган берекелүү жер. Айыл десе көбү чаң баскан көчөлөрдү ойлоп кол шилтеп коюшат. Бирок, айылда канча береке бар. Жаратылышы кооз. Элдери жөнөкөй, карапайым. Ар бир адамдын туулуп-өскөн айылы, кичи мекени жүрөккө жакын кымбат жана ыйык экен.

Кыргызстан 1991-жылы 31-августта өзүнүн тарыхый маанилүү чечимин – эгемендигин кабыл алган. Ошондон бери 31 жыл өтүптүр.

Кыргызстан, миңдеген жылдык бай жана маңыздуу тарыхы бар байыркы өлкө. Дүйнөдөгү мамлекеттердин ичинен алгачкылардан болуп, түптөлүп, өнүгүп, башкарып негизделген. Адеп-ахлактык баалуулуктарын, салтын, каадасын, тарыхын сыйлап, далай жолду баскан элбиз.

Журт болсок да бүгүнкү турмуш кыскан,

Элдери тың, жыгылбаска тырмышышкан.

Баатыр Манас түптөгөн дөөлөт эле,

Бар болсун Мекенибиз-Кыргызстан!

Сабактын жыйынтыгы:

Эми балдар, силерге суроо бергим келип турат:

1. *Кичи Мекен деген сөз эмнени түшүндүрөт?*
2. *Мекен дегенди кандай түшүнөсүңөр?*
3. *Кыргызстандын эгемендүүлүгүн алганына канча жыл болду?*
4. *Кичи Мекениңер жөнүндө эмне айтып бере аласыңар?*

Бабалар сөзүн билип жүр!

1. **“** Мекенден айрылганча – өмүрдөн айрыл”.
2. “Мекендин бактысы өмүрдөн кымбат”.
3. «Мекенсиз адам – үнсүз булбул».
4. “Жандан артык болуш керек, Мекенге болгон сүйүүбүз”.
5. “Мекенди сыйлабагандан сый күтпө”.
6. “Мекендин кадыры башка жерде билинет”.
7. “Өз мекениңди көздөй сакта”.

Жыйынтыктоо: Мына балдар, бүгүн биз кичи мекенибиз жөнүндө кеп кылдык. Кичи мекениң бул ыйык, кымбат жер экенин сездик.

Үйгө тапшырма:
“Мекен” жөнүндө ыр жаттап келгиле.

ТЕМА: “БИЛИМДҮҮ БОЛСОҢ – ӨСӨСҮҢ, БИЛИМСИЗ БОЛСОҢ – ОСОЛСУҢ”.
(2-класс)

“Билеги күчтүү бирди жыгат,
билими күчтүү миңди жыгат”

Сабактын максаты: Окуучуларга билимдин маанисин түшүндүрүү.

Билим берүүчүлүк: Билим – жүрөктүн (дилдин) жашоосун колдоп турган рухий азык экенин түшүнүп, таанышат.

Өнүктүрүүчүлүк: Кабыл алуусу, ой жүгүртүүсү, эске тутуусу, көңүл буруусу калыптанат.

Тарбия берүүчүлүк: Билим жөнүндө кенири маалымат алып, билим өмүр азыгы экенине үйрөнүшөт.

Сабактын жабдылышы: Билим жөнүндө сүрөттөр, макал-лакаптар.

Сабактын формасы: аралаш сабак.
Сабактагы предмет аралык байланыш: Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, практикалык.
Сабактагы негизги иш-аракеттер:

1. “Билимдүүнүн күчтүүсү – адамгерчиликтүү”. “Билимдүүдөн акыл чыгат, акылдуудан накыл чыгат”, тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү.

2. Билим тууралуу ыр ырдоо, макалдардын маанисин чечмелөө.

Сабактын негизги идеясы: Билимдүүдөн акыл чыгат, билим издеген өсөөр деген макалды окуучуларга түшүндүрүү.

САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ: Уюштуруу.

Билим деген эмне? Билим - бул түгөнбөс байлык. Билим – адамдын колундагы шам чырак. Билимдүү адам маданияттуулугу жогору болот, билими жок коом түркөй болот. Мындай коомдо көйгөй көп болот. Адамга билим алуу эле маанилүү эмес, кандай билим алуу да маанилүү.

К.Д. Ушинский: “Акылдын билим менен байланышынын пайдасы көп, бирок адепсиз билимдүүлөр коомго зыяндуу айлакерлер болуп калышат” – деген. Акылы өнүккөн, билими терең, бирок адептик аң-сезими өнүкпөй калган ыймансыз адамдан коомдо көйгөй көп болот.

Адептик билим насаат аркылуу көбөйөт, ой жүгүртүү аркылуу бышыкталат, жүрөктөн орун алганда адамдын абалы, кылган иштери өзгөрөт. Билимдүүлөр менен жолугушкула жана аларга жакын болгула, себеби акыл оошот, билим жугушат, узак жааган жамгыр жерди тирилткендей, билим жүрөккө, мээге таасир этип, жандандырат.

Билимдүү болсок ата-бабаларыбыздын маданий мурастарын, тарыхын үйрөнөбүз.

Билим – бул жүрөктүн жашоосун колдоп турган рухий азык. Билимдүүлөрдүн башкалардан артыкчылыгы: жөндөмү, шыгы өнүгөт, илим изилдейт, жаңы нерселерди таап ойлоп табат.

Адам ар тараптуу өнүгүшү керек. Азыркы балдар илимий билим менен чектелип, адептик-рухий маселелерге жеткиликтүү көңүл бөлүнбөй жатат.

Тарбия – жашоо эрежелерин үйрөтүү, а билим – таалим-тарбиянын куралы. Билим берген мугалим менен билим алган окуучу – ырыс-дөөлөт шериктери сыяктуу. Билимдүүгө дүйнө жарык, билимсиздин көөнү карып, - деп бекеринен айтылбаса керек.

Билим алуу ийне менен кудук казгандай. Бирок анын ысыгы менен суугуна чыдап, күн түн дебей китепти колунан түшүрбөй окуп, изденгендерге ийгилик жылмайаары шексиз.

Учкул сөздөр:

1. " Билим адам жанына чындыктын үрөнүн себүүчү курал". (Я.А.Коменский)
2. " Билимден ашкан күч жок. (М. Горький)
3. Билим алсаң мандай ачык жаркырап... (Жусуп Баласагын)
4. Билимдүүлүк - көп билгенде эмес, колдоно билгенде. (Адольф Дистервет).

Бышыктоо. Суроо: Билим жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?
Жооп: “Билим – жанып турган шам чырак”. “Билимдүү зор, билими жок кор болот”. Кана балдар, ушуну чечмелеп көрөлү.

Сабактын жыйынтыгы:

Эми балдар, силерге мындай суроо:

1. *Билим жөнүндө кандай накыл кептерди билесиңер?*
2. *Билим деген эмне экен?*
3. *Кыргызстандын эгемендүүлүгүн алганына канча жыл болду?*
4. *Билимдүүдөн акыл чыгат жөнүндө эмне айтып бере аласыңар?*

Бабалар сөзүн билип жүр!

1. **“** Билимдүүнүн күчтүүсү - адамгерчиликтүү”.
2. “Билимдүүдөн акыл чыгат, акылдуудан накыл чыгат”.
3. «Билим – өмүр азыгы ».
4. “Билим – кенч, эмгек анын ачкычы”.
5. “Билимдүүнүн күчтүүсү - адамгерчиликтүү”.
6. “Билимсиз адам – мөмөсүз дарак”.
7. “Билимсиздин сөзү билектей, билимдүүнүн сөзү жибектей”.
8. Билимсизге иш жок, ишсизге аш жок”.

Жыйынтыктоо: Мына балдар, бүгүн биз билим жөнүндө ой жүгүртүп, кеп кылдык.

Үйгө тапшырма:

“Билим” жөнүндө макал жаттап келгиле.

“Билимдүү киши айнектей, билимсиз киши тумандай”. “Элдин көркү – билим, жердин көркү – эгин”. “Билимсиз өмүр – кунарсыз жашоо”. “Элдин өнүгүүсүнүн зарыл шарты – билим алуу”, “Билим, окуу көп нерсеге жеткирет”, “Билимдүүнүн түнү – күн, билимсиздин күнү - түн.

Туура көз карашта жашоону кааласаң, пайдасыз билимден оолак бол, өзүңө керектүү билим алууга жатык бол, дилгир бол, кунт коюп оку, изден, аракет кыл. Билимдүү болгула балдар, бактылуу жашагыла!

ТЕМА: “ТАЗАЛЫК ЖАНА ТЫКАНДЫК”
(2-класс)

“Тазалык – ден соолуктун булагы”

Сабактын темасы: “Тазалык жана тыкандык”
Сабактын максаты: Окуучулар таза болууга үйрөнүшөт; тыкандыкка тарбияланышат; үйдү, классты, короо жайды кантип таза сактоону билишет.
Билим берүүчүлүк: Тазалык адамдын өмүрүн узартышын , тазалыктын пайдасын түшүндүрүү.

Өнүктүрүүчүлүк: Кабыл алуусу, ой жүгүртүүсү, эске тутуусу, көңүл буруусу калыптанат. Кеңири пикир алмашууга көнүктүрүү.

Тарбия берүүчүлүк: Тазалык – гигиенанын биринчи эрежеси экени жөнүндө кенири маалымат алышат. Окуучуларды таза жүрүүгө, тазалык эң маанилүүлүгүн түшүндүрүү. Жакшы жана адептүү болууга үйрөтүү.

Сабактын жабдылышы: Тазалык жөнүндө сүрөттөр, макал-лакаптар.

Сабактын формасы: Интерактив, аралаш сабак.
Сабактагы предмет аралык байланыш: физкультура, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, практикалык.
Сабактагы негизги иш-аракеттер:

1. “Тазалыктын негизги шарты – суу”, “Тазалык – өмүргө гүл азык” тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү.

2. Тазалык тууралуу ыр ырдоо, макалдардын маанисин чечмелөө.

Сабактын негизги идеясы: ”Тазалык, тыкандык – өмүргө гүл азык деген макалды окуучуларга түшүндүрүү.

Сабактын жабдуусу: Сүрөттөр, китеп, кроссворд, видеоматериал

Сабактын жүрүшү:

- Уюштуруу
- Үйгө тапшырманы суроо
- Жаңы тема
- Суроолор
- Бышыктоо
- Баалоо
- Үйгө тапшырма

Саламдашуу, окуучуларды белгилөө. Мугалимдин окуучуларга жагымдуу маанай түзөт. Окуучулардын сабакка даярдыгын текшерет.

Жаңы тема: ”Тазалык жана тыкандык” Сүрөттөргө карап тазалык эмне экендигин, кандай таза жүрүүнүн жолдорун, ден-соолукту чыңдоо үчүн эмне кылуу керек экендигине маани беришет. Ден соолук өмүр булагы жана биринчи байлык, ал эми тазалык аркылуу ден соолугубузду бекемдей алат экенбиз.

Тазалык адеби деген эмне?:

- Дене мүчөбүз;
- Пайдалануучу буюмдар;

- Идиш аяк;
- Кийим-кече;
- Короо-жай. Ушуларды таза кармаш керек.

Тазалык деген эмнени билдирет?

Биз окуган класстын же жашаган үйдүн абасы таза болушу үчүн анын бөлмөлөрүндөгү бардык буюмдарды тазалап жууп туруу. Акыр-чикир, тамак аштын калдыктарын бөлмөдө сакталышына жол бербөө. Бөлмөлөргө өсүмдүктөрдү өстүрүлүшү аларга тынымсыз камкордук көрүү желдетип туруу.

Тазалыктын негизги шарты – суу. Эбактан бери тазалыктын маанисин билген байыркы Египеттин эли эртең менен кечинде, тамактанаардын астында, тамак ичкенден кийин, кечинде денесин жуушчу. Байыркы Кытайда эртең менен эрте туруп үйдү, короону шыпырып, үйдүн ичин желдетип тазалашчу. Кытайлыктардын ою боюнча тазалык ден-соолукка пайдалуу болгону менен бирге адамдын да көңүлүн ачат. Ошол себептен үйгө киргенде буттарын жууп, бир күндө беш жолу бети-колун жунуп турушат.

Самынды билбеген байыркы кылымда жашаган адамдар ар нерсе колдонушчу. Мисалы: Египеттин эли денесин кум менен сүрүшчү, Кытайда болсо түрлүү өсүмдүктөрдү колдонушчу.

Кыргыздар дагы тамактын алдында, тамактан кийин колдорун жууп турушчу. Ошондой эле аталарыбыз беш маал намаз окуган сайын даарат алып жуунуп турушат. Илгери самын жок учурунда болсо денесин таза кармаш үчүн ак чопо колдонушчу. Самынды биринчилерден болуп Жер Ортолук

деңиздин жашоочулары ойлоп тапкан. Оттун үстүндө шишке бышкан эттин майы ысык чокко түшкөндө көбүргөнүн байкаган адам ошол нерсени алып, колуна сүрсө кол көө-кирден тазаланып, агарганын көрөт. Ошондон баштап эчкинин майынан жана жыгачтын күлүнөн самын жасалат.

Биринчилерден самынды Францияда, Италияда, Испанияда жана Грецияда колдоно башташат. Самындын саламаттыкты сактаганга түздөн-түз тиешеси бар. Суу менен жууганда денеден 20 миллионго жакын микробдор, самынданып жууганда бир нече миллиард микробдор жуулуп кетет. Ошентип суусуз жана самынсыз тазалык болсо ден-соолуктун сакталышынын биринчи эрежеси. Жана ошондой эле өздүк гигиена.

Кана балдар айткылачы, жакшы жана жагымдуу көрүнүш үчүн эмне кылуу керек?

Окуучулардын болжолдуу жооптору:

- ✓ Өзүнө кам көрүү;
- ✓ Тишти тазалоо;
- ✓ Кийимин таза кармоо;
- ✓ Төшөктөрүн тургандан кийин жыйноо;
- ✓ Бөлмөсүн желдетип, жууп тазалап туруу;
- ✓ Бут кийимди тазалап кийүү;
- ✓ Короо-жайды да шыпырып таза кармоо;
- ✓ Сырттан киргенде сөзсүз түрүндө колду, бетти самындап жуунуу.

- ✓ Чачына кам көрүү;
- ✓ Туура тамактануу; спорт менен машыгуу.

Адамдын гигиенасы -ден соолуктун жана сулуулуктун ачкычы, -дешет.

Бышыктоо. Суроо: Тазалыкты кандай түшүндүңөр? Тазалык жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

Сабактын жыйынтыгы:

1. *Тазалыктын бизге кандай пайдасы бар?*
2. *Таза жүрүү үчүн эмне кылуу керек?*
3. *Тазалыкты үйүңөрдөн кантип сактайсыңар?*
4. *Үйдө да тазалыкты сактап, апаларыңарга жардам бересиңерби?*
5. *Тамактанып бүткөндөн кийин эмне кылуу керек?*
6. *Тишти кайсы учурда жуушубуз керек?*

Бабалар сөзүн билип жүр!

1. **“** Тазалык - өмүргө гүл азык”.
2. “Тазалык - ден соолуктун булагы”.
3. «Таза болсоң суудай бол баарын жууп кетирген».
4. “Тазалык – гигиенанын биринчи эрежеси”.
5. “Таза аба жуткуң келсе – эрте тур, таза өмүр сүргүң келсе – эмгек кыл”.
6. “Таза үрөндөн өнгөн дан, дыйканды байытат”.
7. “Дени тазанын деми таза”.
8. “Дени сактын – руху бийик”.

Жыйынтыктоо: Мына балдар, бүгүн биз тазалык жөнүндө кеп кылдык. Демек, тазалак бир топ инфекциялардан сактанууга жардам берет. Булганыч кол коркунучтуу оорулардын булагы болуусу мүмкүн, ошондуктан колду бат-бат жууп туруу керек. Спорт менен машыгууда тер көп бөлүнүп чыгат, ошондуктан кошумча гигиеналык көндүмөрдү талап кылат. Ооз көңдөйү инфекциялардын булагы болуусу мүмкүн, ошондуктан дайыма кам көрүүгө муктаж.

Баалоо: Окуучулар бааланат.

Үйгө тапшырма:

“Тазалык ” жөнүндө ыр жаттап жана макал таап келгиле.

ТЕМА: “СҮЙЛӨШҮҮ МАДАНИЯТЫ”
(2-класс)

“Сөз маданияты чечендик өнөр”

Сабактын максаты: Сүйлөшүү маданияты жөнүндө ой жүгүртө билүүгө багыт берүү.
Билим берүүчүлүк:. Окуучулар өз жашоосунда ар дайым маданияттуулукка умтулуу керектигине ынанат.
Өнүктүрүүчүлүк: Кабыл алуусу, ой жүгүртүүсү, эске тутуусу, көңүл буруусу калыптанат.
Тарбия берүүчүлүк: Адептүүлүккө, өзүндө жакшы сапаттарды өнүктүрүүгө умтулууга тарбиялоо.
Сабактагы негизги иш-аракеттер:
1. “Жакшы сөз жанга кубат”, “Орду менен орундуу айтылган сөз — жаназык”, тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү.
2. Сүйлөшүү маданияты тууралуу макалдардын маанисин чечмелөө.

Сабактын негизги идеясы: “Улуу сөз өлбөйт” деген макалды окуучуларга түшүндүрүү.
Сабактын жабдылышы: Билим жөнүндө сүрөттөр, макал-лакаптар.
Сабактын формасы: аралаш сабак.
Сабактагы предмет аралык байланыш: Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, практикалык.

1. **Сабактын жүрүшү: Уюштуруу**

Сөз маданияты деген эмне? - бул адабий тилдин нормаларына сүйлөшүүнүн (речтин) ылайык келүү даражасы, тил илиминин бир тармагы; адабий тилди нормага салуу көйгөйлөрүн (проблемаларын), сүйлөшүүнү, кепти (речти) туура колдонуунун конкреттүү нормаларын жана өлчөмдөрүн (критерийлерин) изилдейт.

Сөз деген эмне, сөз маданияты деген эмне? Албетте, айта билүү, уга билүү. Төрөлүп, тили чыгып, өмүрүнүн соңуна чейинки тирүүлүк адам баласында сөз менен коштолгондуктун өзүндө сөздүн чексиздик мааниси айтылып турат. Улуу сөз, улама сөз, учкул сөз, накыл сөз, макал-лакап сөз, кеп-кеңеш сөз, жыйындагы сөз. Атай берсек, дагы далайга чейин уланат. Жакшы сөз жанга кубат. Орду менен орундуу айтылган сөз — жаназык. Көңүлдү жабыркаткан сөздөр да чыгат адам оозунан. Сөздүн эң зыяндуусу – бурмаланып айтылган чындык. Сөз кадырына жете билүү, уга билүү, айта билүү – адамдык өсүп-өнүгүүгө өзөк.

Баары, баары сөздөн башталат. Сөз – улук. Улуу сөз өлбөйт. Таамай сөз тарыхтан тарыхка, муундан муунга уланып айтылат, тарбиялык таасирине маани бирилип. Өзүнүн оңдогон жылдар бою окутуучусу болгон Платон менен Аристотельдин ортосунда талаш-тартыш кайчы пикир келип чыгат. Ошондо айтканынан кайтпаган Аристотель “Платонду жанымдай көрөм, бирок чындык андан да артык” дегени – биздин заманга чейинки айтылган сөз.

Ошондон берки нечен миң-миңдеген жылдар бою дүйнөлүк эл оозунан түшпөй айтылып келет. Бул сөздүн тарбиялык мааниси албетте – принциптүүлүк, эч убакта чындыктан тайыбагандык. “Өзүң кандай ойдо болсоң ошондой айт. Бирөөлөрдүн оюндагысын көздөөгө көнүп алсаң, анда сен акыры, эки жүздүү кошоматчы болуп тынасың”, — деген тура, кайсы бир аалым.

1972-жылы 10-февралда “Советтик Кыргызстан”, азыркы “Кыргыз Туусу” гезитинин редакциясында Кеңешме өткөрүлүп, Сөз атасы, сөз устаты Хусаин Карасаев атабыз жалпыга маалымдоо каражаттарындагы сүйлөм түзүлүштөрдү талдоого алып, баяндама жасаган эле.

Кыргыздар илгертеден кеп багып, сөзгө чоң маани берип, “Өнөр алды – кызыл тил” деп сөздү баалап, ар бир сөздү салмактап сүйлөгөн, рухий байлыкты материалдык байлыктан жогору койгон эл.

Адам баласынын ички дүйнөсүнө азык болуучу байлыктарды камтый турган алтын казына – көркөм сөз өнөрү. Бул кыргызда – Улуу сөз аталган.

Байыркы бабалар кечкисин малды киргизип короосуна камагандан кийин тамакты асып коюп, айрыкча кыштын узак түндөрүндө кемегедеги алоолоп

турган оттун илебинде узак сөзгө киришчү. Бул жерлерде нээ деген гана кептер айтылбаган. Укумдан-тукумга уланып келаткан Улуу сөздөр – бабалардын санжырасы, жаштарга нуска, жомоктор, уламыштар, макал-лакаптар ачылып-чачылып ортого төгүлгөн. Балдарын күч колдонбостон сөз күчү менен, мамиле менен таалимдешкен. Ар кимге сөзүнө жараша баа берген. “Буттан жыгылган турат, ооздон жыгылган турбайт, - деген сөздү бийик тутушкан.

Биздин кыргыз элибиз илгертеден капилеттен сөз тапкан, караңгыда жол тапкан, коргошундай салмактуу сөзүнүн күчү менен бүтүндөй элди кыйроодон сактап келген. Улуу сөздүн уңгусун улаган, учтан түпкө кураган, таңдайын сөзгө бүлөгөн, тамшантып көпкө сүйлөгөн не бир сөзмөрлөр чыккан.

Укканын уккандай кулагына куюп алган, көргөнүн көргөндөй көкүрөгүнө түйгөн куйма кулак адамдар көп. Даанышман адамдык сөзү оозунда болуп, куюлта сүйлөгөн. “Айтылган сөз – атылган ок” – деп абайлап сүйлөөгө балдарын көндүрүшкөн.

Мен маданияттуу инсанмын? деген адам баардык жагынан маданияттуу болуш керек. Үй бүлөөдөн баштасак. Ата-эненин бири-бирине болгон мамилеси сылык, урматтоо, сыйлоо болсо, акырын сүйлөшүп, бири-биринен кечирим суроону билишсе алардын балдары да ошондой болуп чоноюшат. Үй бүлөөдө жарышып сүйлөшпөй биринин сөзүн баары угуп, сөз берип сүйлөшүү. Үйдө үйрөнгөнүңөрдү мектепте да өркүндөтүп, маданияттуу инсан болуп чоноюуга аракет кылгыла.

Ойчулдардын сөзү:

- 1694 – 1778-жылдары жашап өткөн Франциялык ойчул Вольтер: “Олуп-чолуп айтылса, омоктуу ойдон да кут качат” дептир. Сөз алсыраса – эл алсыз болбой койбойт экен да.
- Африка континентиндеги колония болуп, тилинен, дилинен алсырагандар: “Өнүгөбүз десеңер өз тилиңерге кайдыгер боло

көрбөгүлө” деп ураан чакырып, чоң аракеттер жасалып атканына көп болду.

- Сөз атасы, академик Түгөлбай Сыдыкбековдун : “Эң көркөм, эң укмуш жана маанилүү асыл мурасты бабаларыбыз укум-тукумга белек этти! Ал сууга жуулбас, отко күйбөс, алааматтарда кыйрабас улуу сөз сепилдери” деп айтканы бар.

Бышыктоо. Суроо: Сүйлөшүү маданияты деген эмне экен? Сөз жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

Сабактын жыйынтыгы:

1. *Сүйлөшүү маданияты жөнүндө түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.*
2. *Силерге уккан жагабы же сүйлөгөнбү?*
3. *Жакшы сөз – жанга кубат, кандай чечмелеп бере аласыңар?*
4. *Сөздүн зыяндуусу кандай адамга таасир берет?*
5. *Биздин ата-бабабыз сөздү кандай баалашчу?*
6. *Дааныштман адамдар сөздү кандай сүйлөйт?*
7. *Сүйлөшүү этикасы жөнүндө айтып бергиле?*

Бабалар сөзүн билип жүр!

1. **“** Жакшыга бир сөз, жаманга миң сөз”.
2. “Көпкөн жигит көп сүйлөйт, чечен жигит төп сүйлөйт”.
3. «Аз сүйлөсөң да, саз сүйлө».
4. “Кептин кезеги келгенде айтпаса, сөздүн атасы өлөт”.
5. “Сууну көп кечсе балчык, кепти көп сүйлөсө тантык болот”.
6. “Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат”.
7. “Куйма кулак – эмне сөз укса, эсинде сактайт”.
8. “Айтылган сөз, атылган ок”.

Жыйынтыктоо: Мына балдар, бүгүн биз сүйлөшүү маданияты жөнүндө кеп кылдык. Демек, сүйлөшү маданияты биздин элибизде илгертеден кеп багып, сөзгө чоң маани берип, сөздү баалап, ар бир сөздү салмактап сүйлөгөн, рухий байлыкты материалдык байлыктан жогору койгон кыргыз элибиз болгон. Адам баласынын ички дүйнөсүнө азык болуучу байлыктарды камтый турган алтын казына – көркөм сөз өнөрү. Бул кыргызда – Улуу сөз деп аталган. Биз бүгүн сабагыбызда сөз жөнүндө көп маалымат уктук.

Баалоо: Окуучулар бааланат.

Үйгө тапшырма:

“Сөз маданияты” жөнүндө жана макал таап келгиле.

ТЕМА: “ТИЛ – АДАМДЫН КҮЗГҮСҮ”:
(2-класс)

“Улуттун тили дайыма элдин улуттук
руху менен тыгыз байланышта. ***(А. Н. Толстой)”***



Сабактын максаты:

- Тил – адамдын күзгүсү жөнүндө ой жүгүртө билүүгө багыт берүү.
- Окуучулардын өз эли-жерин, эне тилибиз – мамлекеттик тилди, ата-бабадан калган улуу мурастарды урматтап аздектөөсүүчүн түрдүү булактардан маалыматтарды берүү;

Билим берүүчүлүк: Мекен алдындагы окуучулардын жоопкерчилигин арттыруу, атуулдук парзын аткаруу, ата мурастарын сактоо зарылдыгын туюндуруу, эне тилин сүйүүгө, сактоого умтулуу;

Өнүктүрүүчүлүк: Патриоттукка, намыскөйлүккө, ынтымак-достукка ж.б. тарбиялоо.

Тарбия берүүчүлүк: Өз эне тилин өнүктүрүүгө тарбиялоо.

Сабактагы негизги иш-аракеттер:

1. “Тил — ойдун сандыгы”, “Тили — бал, жүрөгү — муз”, “Элин сыйлабаган тилин жерийт”, тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү.
2. Тил маданияты тууралуу макалдардын маанисин чечмелөө.

Сабактын жабдылышы: жөнүндө сүрөттөр, макал-лакаптар.

Сабактын формасы: аралаш сабак.
Сабактагы предмет аралык байланыш: Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.

Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, практикалык.

1. **Сабактын жүрүшү: Уюштуруу**

Эне тилим – ыйык туткан сыймыгым,
Бабалардан жете келген сыйлыгым.
Тамчы суудай бапестелип сакталган,
Жүрөгүмдөн түнөк алган ыйыгым.

Эне тилде ой-жүгүртөм, сүйлөймүн,
Канат созо, ай-ааламга күүлөймүн.
Аалам менен алакалар түзүлүп,
Эне тилди энекемдей сүйөмүн.

Мугалим: “Тил – адамдын күзгүсү” Кандай жөнөкөй, кандай бийик, кандай улуу сөз! Дал ушул сөз ар бирибиздин каныбызды ойнотуп, акылыбызды арыштатып турат.

«Элди түбөлүк эл кылып турган – анын тили»,
«Тилим барда улутмун, тилим менен улукмун».

Эне тил... Кулакка кандай жагымдуу угулат. Эзелтеден өз жерин мекендеген адам баласы дал ошол өз эне тилинде сүйлөп келет. Анткени, кичинекей кезинен баштап, жарык дүйнөгө келгичекти ымыркай эң алгач энесинин үнүн, демин сезип, “Баа” деп бакырып жерге түшөөр замат эне сүтүн оозанат. Эне менен эне тил... Бул экөө тээ эзелтеден бери бирдей деңгээлде каралып, бирдей деңгээлде ардакталып, көкүрөккө уюп, сакталып келүүдө. Бүтүндөй дүйнөнүн түркүгү да ушулардыр.

Кыргыз тили кылымдардан куралып,

Нечен катал мезгилдерде сыналып.

Бабалардан бизге калган таберик,

Урпактардан урпактарга уланып.

Эненин бешик ырын укпаган бала энесиз өскөн менен барабар. Эне тилинде сүйлөбөгөн адам Ата Журтунда жүрбөгөн менен барабар, Эне тилинде ыр укпаган, эне тилинде төрт сап ыр билбеген адам чет элде жүргөн менен барабар. Ата салтын билбеген, аны турмушунда колдонуп жашабаган адам Ата Журтун чанган менен барабар. Ошондуктан, Эне тилин билбесе, аны

ардактап сүйбөсө, Ата Журтумду сүйөм деп көкүрөк каккандын эмне пайдасы бар?

Кылымдардан жашап келген кылымга,
Айтып болгус сырлары бар мунун да.
Эне тилим сыймыгымсың, даңктаган,
Бардык тилден ыйык көрөм чынында-деп

Улуу кыргыз элинде Эне тили үчүн күйүп, аны көздүн карегиндей сактоого жан үрөп келген.

- **Балдар, кыргыз эли үчүн эмне ыйык, эмне бийик, эмне кымбат?**
- Кыргыз эли үчүн Мекенибиз Ала-Тоо, боз үй, ак калпагы, ак элечеги

ыйык, эне тили ыйык, кымбат.

Мугалим: Туура балдар, элибизди эл кылып, улут катары таанытып келаткан улуу белгибиз бул – эне тилибиз кыргыз тили.

«Элсиз тил болбойт, тилсиз эл болбойт». Анын сыңарындай, кыргыздын кыргыздыгы анын эне тили аркылуу билинет, эне тили аркылуу даңкталат. Дүйнөдө теңдеши жок алп «Манастай» дастандарды жараткан эне тилибиз.

Эне тилим – карегим,
Сенде менин дарегим.
Сен турганда мен бармын,
Сен турганда бар элим.

Залкар жазуучубуз Ч.Айтматов: «Кылымдан кылым өтүп, кыргыз эли жер үстүндө жашап турса, кыргыз тили да жашай берет» – деп, абдан туура, таамай айткан.

Ошондо да, кылымдан кылым өтүп, акын Шайлообек агайыбыз айткандай, «Кыргызым» деп жулунганы менен, бир ооз кыргызча билбеген, өз эне тилинде сүйлөбөгөн «маңкурттар» арабызда жок эмес.

Кыргыз тилин шылдыңдай караган кыргыз жигиттерибиз, кыздарыбыз бар.

Бирок да, өз эне тилине күйбөгөн, өз эне тилинде сүйлөбөгөн манкурттар арабызда жок эмес. «Эмнени кор кылсаң, ошондон кордук көрөсүң», дегендей эне тилин ким кор тутса, ал ошонун эсесин тартпай койбойт. Эч нерсеси кемибеген хандын тузу кемиген сыяктуу, баары бир рухунун бир жери кемийт, аны өзү билбейт, салт-санаасынан алыстайт, тарыхынан алыстайт, айыл-апасына жат көрүнөт, тууган-туушкандарынан коомайланат, ата-бабасы сүйлөгөн эки ооз сөздүн сырын түшүнбөйт, өз элинин рухунда эркин балыктай сүзө албайт, эркин куштай уча албайт. Анан өз кандаштарынан акырындык менен четтей баштайт, ошондон чүнчүп-жүдөп, ошентип өз Ата Журтунда жүрүп андан билинбей өгөйлөнө баштайт. Анын өз эне тилинен запкы көргөнү – ошол эмеспи!

Кээ бир балдар, кыздар эне тилин чанып, башка тилде сүйлөсө эле тили буудай кууруп, торгойдой сайрап жатам деп ойлойт. Эне тилинде эки сөздүн башын тыңыраак кошуп сүйлөй албаган чалпоо башка тилде сүйлөп жатканын байкабайт сыяктанат.

Ошол үчүн публицист-окумуштуу С.Байгазиев айтып отурбайбы минтип: «Кыргыз тили пенделеринин кайдыгерлигинен азап чегип, өз Ата Мекенинде арыш керип, өркүндөп өсө албай отурат. Кыргызстанда өз тилине кайдыгер көз менен караган көп адамдарды көрдүк. Силер балдар, андай болбой эне тилиңерди жакшы билип анан башка тилдерди үйрөнгүлө!

«Адамдын эне тили – анын жан тамыры», «Дил бермети – тил» дегендей, жан дүйнөдөгү ой-тизмектерин эне тил аркылуу билдирип жүрөлү. Өз тилиңерде сүйлөгүлө!

«Эне тил»

Эне тилин өксүтүп көп кордогон,
Анысына бир уялып койбогон.
Андайлардын аты кыргыз болсо да,
Эч убакта өзү кыргыз болбогон.
Кайырма:
Эне тилин билбеген,
Эси жогун аныктайт.

Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп, жерин сүйүп жарытпайт.

Бышыктоо. Суроо: Тил – адамдын күзгүсү дегенди кандай түшүндүңөр? Тил жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

Сабактын жыйынтыгы:

1. *Тил – адамдын күзгүсү жөнүндө түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.*
2. *Эне тилинде сүйлөбөгөн адамды эмне деп айтабыз? (маңкурт)*
3. *Эне тилинде ыр укпаган, эне тилинде сүйлөбөгөн балдар жакшыбы?*
4. *«Элсиз тил болбойт, тилсиз эл болбойт» деген макалды чечмелеп көрөлү?*
5. *Биздин ата-бабабыз сөздү кандай баалашчу?*
6. *Ата салтын, эне тилин билбегендерди эмнеге теңейбиз?*
7. *Тил этикасы жөнүндө айтып бергиле?*

Бабалар сөзүн билип жүр!

1. **“**Адамга эки нерсе тирек деги, бири тил, бири дилиң жүрөктөгү”.
2. «Булбулдун мукам үнү бар, торгойдун жумшак тили бар».
3. “Макал сөз —тилдин байлыгы.”.
4. “Өнөр алды — кызыл тил.”.
5. “Сүйлөсө тилинен бал тамат”.
6. “Таттуу тилден жаныңжыргайт.”
7. “Тил — ойдун сандыгы”.
8. “Элин сыйлабаган тилин жерийт”.
9. “Эне тилин билбеген элин сүйүп жарытпайт, эне тилин сүйбөгөн, эси жогун аныктайт”.

Жыйынтыктоо: Мына балдар, бүгүн биз “Тил – адамдын күзгүсү” деген тема жөнүндө кеп кылдык. Демек, тил маданияты биздин элибизде илгертеден кеп багып, сөзгө чоң маани берип, сөздү баалап, ар бир сөздү салмактап сүйлөгөн кыргыз элибиз болгон. Адам баласынын ички дүйнөсүнө азык болуучу байлыктарды камтый турган алтын казына – тил адамдын күзгүсү. Биз бүгүн сабагыбызда тил жөнүндө көп маалымат уктук.

Баалоо: Окуучулар бааланат.

Үйгө тапшырма:

“Тил – адамдын күзгүсү” жөнүндө ыр жаттап келгиле.

“Ооздун көркү – тил”, “Тилдин көркү – сөз”. Макалдарды жаттап келгиле.

ТЕМА: “КАРЫСЫ БАРДЫН ЫРЫСЫ БАР”.

(2-класс)

“Карынын кебин капка сал”

Бар болсо ар бир үйдүн карысы,
Ошол болот бар байлыгы, ырысы.
Кары кебин жүрөгүндө сактагандын,
Кут орнолуп, өйдө жылат жумушу.

Сабактын максаты: 1-октябрь “Карылар күнү” тууралуу маалымат менен таанышабыз;

Билим берүүчүлүк: Карыларды сыйлоо, алардын кеп кеңешин угуу жөнүндө тарбиялоо;

Өнүктүрүүчүлүк: Карыларга жылуу мамиле, камкордук, мээрим керек экендигин түшүнүшөт.

Тарбия берүүчүлүк: Ата-энеге кайрымдуу болууга, аларды терең урматтоого жана сыйлоого тарбияланабыз.

Сабактагы негизги иш-аракеттер:

1. “Карысы болбой эл болбойт, тулаңы болбой жер болбойт”, “Кары адам - үйдүн куту” тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү.
2. Карылар тууралуу макалдардын маанисин чечмелөө.

Сабактын жабдылышы: Кары адамдар жөнүндө сүрөттөр, макал-лакаптар.

Сабактын формасы: аралаш сабак.
Сабактагы предмет аралык байланыш: Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, практикалык.

1. **Сабактын жүрүшү: Уюштуруу**



Мугалим: ”1-октябрь карыялар күнү” – деп белгиленип улгайган адамдарды, ал тургай жаштарды да чоң кубанычка бөлөйт. Себеби, бул күнү үйдүн кутман, кадырман чоң ата, чоң энелерге жагымдуу сөздөр айтылып, жылуу маанайдагы урматтар көрсөтүлөт.

Балдар, карынын батасын алган адам эч качан кор болбойт эмеспи, карынын батасын алгыла.

Кары адамдарга ким сый-урмат көрсөтсө, ал сөзсүз кийин кайтат. Карыны сыйласаң абийир табасың деп бекеринен айтылбаса керек. Кыргызда ушул сыяктуу накыл сөздөр, макалдар абдан көп, макалдар не деген жылдар бою келаткан сөздөр. Кары кебин капка сал - деген макалды карасак, бул жакта кары адамдын акылы терең, көптү көргөн көсөң катары түшүндүрүлөт.

- Силердин үйүңөрдө чоң эне, чоң ата, таята, таэнеңер барбы?
- Силер аларды кандай сыйлайсыңар?
- Алардын акыл сөздөрүн угасыңарбы?
- Чоң ата, чоң энеңер силерге жомок айтып береби?
- Таяне, таятаңардан эмнени үйрөндүңөр?

Мугалим: ***Азыр балдар силерге тарыхын айтып берейин.***



Алгач мындай майрамды белгилөө 1970-жылы жер калкынын карыларын изилдеген адистердин оюна келген.

Эл аралык статусту 1990-жылы ээ болгон. 1990-жылдын 14-декабрында БУУнун генералдык ассамблеясы өзүнүн 45/106 резолюциясында " 1-октябрь эл аралык карылар күнү " деп токтом кылган. Токтомдун максаты: “Карылардын көйгөйлөрүнө коомчулуктун көңүлүн буруу болгон”.

Алгач бул датаны Европада, андан соң Америкада, ал эми 1990-жылдын аягында бүт дүйнө белгилей баштаган. 1-октябрь күнү көптөгөн өлкөлөрдө

түрдүү майрамдар, акциялар жүрөт. Мунун баары улгайган адамдардын укуктарын коргоо, аларга көмөк көрсөтүү үчүн жасалат.

Кары адамдарга ким сый-урмат көрсөтсө, ал сөзсүз кийин кайтат. Карыны сыйласаң абийир табасың деп бекеринен айтылбаса керек. Кыргызда ушул сыяктуу накыл сөздөр, макалдар абдан көп, макалдар не деген жылдар бою келаткан сөздөр. «Кары кебин капка сал» - деген макалды карасак, бул жакта кары адамдын акылы терең, көптү көргөн көсөң катары түшүндүрүлөт.

Адам карыса, жаш баланыкындай мүнөзгө ээ болуп калат. Андыктан кары адамдарга аяр мамиле жасагыла!

1) Эгер үйүңүздө кары адам болсо, анын көңүлүн таап сүйлөгөнгө аракет кылыңыз. Аларга катуу айтуунун же ашыкча тамашалашуунун кажети жок. Биринчиден ал сиздин теңтушуңуз эмес, экинчиден улуу катары сый көрсөтүү керек.

2) Алардын кыймыл аракетин, болбосо сүйлөгөн сөзүнө же кийинип жүргөн кийимине сын айтуудан алыс болуңуз. (карып калгадыгына байланыштуу андай нерселер көп маани бербестигин эске алгыла).

3) Эгер кары адам туура эмес иш жасап койсо, акырын гана артынан барып оңдоп коюңуз.

4) Аны менен баарлашып жатканда алардын оозунан сөзүн жулуп алуудан алыс болуңуз. (алар башкача тарбия менен өсүшкөндүктөн андайды жактыра беришпейт).

Бышыктоо. Суроо: “Карылар – сөзүн капка сал” дегенди кандай түшүндүңөр? Карыялар жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

Сабактын жыйынтыгы:

1. *Үйүңөрдө чоң ата, чоң энеңер барбы?*
2. *Аларды жакшы көрөсүңөрбү?*
3. *Кандай жардам бересиңер аларга?*
4. *Таятаңар, таэнеңер барбы?*
5. *Аларды жакшы көрөсүңөрбү? Барып аларга жардам бересиңерби?*
6. *“Карыганда берсин дөөлөттү, жаш кезде берсин мээнетти” деген макалды чечмелеп көрөлү.*
7. *Кайсы айда карылар күнүн белгилешет?*

Бабалар сөзүн билип жүр!

1. **“**Кары адам – үйдүн куту”.
2. «Карысы бар үйдүн - карааны чоң».
3. “Кары келсе – ашка, жаш келсе - ишке”.
4. “Карыган киши таптоодогу куш”.
5. “Карыганда адам таарынчаак болот”.
6. “Карыганда берсин дөөлөттү, жаш кезде берсин мээнетти”.
7. “Карынын кебин капка сал”
8. “Карынын сөзү – жамак, жамагы жашоого – чоң сабак”.
9. “Карысы бардын – ырысы бар”.

Жыйынтыктоо: Мына балдар, бүгүн биз “Карылар - сөзүн капка сал” деген темада кеп кылдык. Демек, карыларды урматтап, алардын накыл сөзүн угуп жүрүшүбүз, тарбиясын алышыбыз керек. Аларга дайыма сый көрсөтүп, жардам берсек, ошондо ак батасын алабыз.

Баалоо: Окуучулар бааланат.

Үйгө тапшырма: “Карынын – сөзүн капка сал” макалдарды жаттап келгиле.

ТЕМА: “ЭНЕ СЫЙЛАГАН – ЭЛГЕ ЖАГАТ”.
(2-класс)

“Эне сүтүн актоо — унутулгус карыз”

Оо апакем, бакытым менин карегим,
Аппак сүттөй, таза сенин мээримиң.
Төрүбүздүн көркү болуп жүрө бер,
Эч оорубай жүрсөң болду тилегим.

Сабактын максаты: “Эне сыйлаган – элге жагат” деген класстык саат менен тааныштыруу;

Билим берүүчүлүк: Энелерди сыйлоо, алардын кеп кеңешин угуу жөнүндө тарбиялоо;

Өнүктүрүүчүлүк: Энелерге жылуу мамиле, сыйлоо, кеңешин угуу, керек экендигин түшүнүшөт.

Тарбия берүүчүлүк: Ата-энеге кайрымдуу болууга, аларды терең урматтоого жана сыйлоого тарбияланабыз.

Сабактагы негизги иш-аракеттер:

“Ак сүт берген эненин, балада акы зор болот”, “Ата — мекен, эне —нур”, “Эненин кеби — кыз —келинге, эженин кеби — синдиге эм” макалдар жөнүндө окуучулар менен ой бөлүшүү жана маанисин чечмелөө.

Сабактын жабдылышы: Эне жөнүндө, макал-лакаптар, ырлар, сүрөттөр, энелерге өздөрү арнаган буклеттер.

Сабактын формасы: аралаш сабак.

Сабактагы предмет аралык байланыш: Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.

Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, практикалык.

1. **Сабактын жүрүшү: Уюштуруу**

- **Мугалим:** Бүгүнкү темабыз, “Эне сыйлаган – элге жагат”.

Айткылачы балдар, силер апаңарды жакшы көрөсүңөрбү? Энеңерди кимге теңейсиңер?

- Жаркырап тийген күнгө.
- Эмне үчүн?
- Анткени, апабыз барда үй дагы жаркырап турат. Бизге мээримин төгөт, эркелетет, күндө даамдуу тамак даярдап берет, тазалыгыбызды карайт.
- Туура айтасыңар балдар. Эне - үй-бүлөнүн куту, жашоонун башкы каарманы, тилеги, нур чачыраткан жарыгы, жанып турган жылдызы. Дүйнөдөгү бардык жакшылыкты өзүнө камтып турган мээримдүү, боорукер, балдарына болгон сүйүүсү чексиз, жан-дүйнөсү назик жан. Дегеле, 9 ай курсагында көтөрүп, ак сүтүн берип, ак бешикке бөлөнгөн, тамактын таттуусун берген – бул энелер.
- Энелер жашоо башаты экендигин эч ким тана албайт. Алардын мээрими, камкордугу бүткүл ааламды тынчтыкта терметкен улуу күч. Балким жашоонун мааниси энелердин кадырын билүүдө катылган чыгар. Адамзат алардын улуулугун татыктуу актай албаса да, аны билүүгө милдеттүү.

Бейиш эненин

таманынын астында

Энесиз, пенде бул ааламга келбеген.

Адам болбойт эне сүтүн эмбеген.
Эң кымбат билесиңби эне экенин.
Уйкусуз түн ичинде алдейлеген.

Эне жүрөгү — бул түбү жок чалкыган мейкиндик....

Кылымдар кыйырын кырча басып келаткан кыргыз эли эзелтен эле энелерге өзгөчө кадыр-барк менен мамиле жасап сыйлап, урматтап келген улуу журт. Үй-бүлөнүн түркүгү-энелер.

Эне — бул тынчтыктын жана мээримдин символу. Адамзат башына келген бактыны да, мүшкүлдү да көтөрө билген зор касиетке ээ. Эненин балага болгон сүйүүсү өзгөчө, эч нерсеге тең келбесин жакшы билебиз. Эненин адамзатына берген үч белеги бар экен. Анын биринчиси – жашоо, экинчиси – сүйүү, анан – түшүнүү. Бизди өз энебиздей эч ким эч качан түшүнө албайт. Эне жүрөгү – бул түбү жок чалкыган мейкиндик. Ал мейкиндикте ар дайым кечиримдүүлүк табылат. Энелердей бизди эч ким эч качан чын дилинен кечире албайт. Эненин сүйүүсүндөй айкөл сүйүү башка эч кимде жок. Эне өзүнүн сүйүүсү үчүн эч нерсе талап кылбайт. Мына ошондон улам Мухаммед пайгамбарыбыз «Бейиш эненин таман алдында» деп айтып кеткен экен. Эне үчүн баласы канча жашка чыкса да бала бойдон калат. Ошондон улам эл

арасында «Энеси бар адамдар эч качан картайбайт» деген учкул кеп калган. «Улуттун келечеги — энелердин колунда» деген да накыл кеп бар. Бул абдан туура айтылган кеп. Энелердин берген тарбиясы, мээрими улуттун келечегине жасаган камкордугу болуп эсептелет. Ошондон улам «Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың» деген учкул кеп калган. Ал эми биздин уябыз бул эне-атанын үйүнөн берген тарбиясы. Энелерди мактап, даңктаганга, алардын улуулугун жеткире сүрөттөп айтып бергенге сөздүн да күчү жетпес. Жер каймактап, адам баласы жер жүзүнө пайда болгондон тарта эне тууралуу кандай гана накыл кептер айтылбады. Кандай гана улуу чыгармалар жаралбады. Бирок, бул да аздык кылат. Анткени биз энелердин алдында ар дайым карыз жанбыз.

- **Кана балдар апаларыңар жөнүндө балким жакшы ыр жазаарсыңар, же сүрөт тартаарсыңар, же балким макал билесиңер?**

Силерге мен апа, ата жөнүндө ыр окуп берейин:

Апа

Апакебай, чырагым менин карегим,

Менден өнсүн сепкен акыл данегиң.

Төрүбүздүн көркү болуп жүрө бер,

Эч ооруба! Менин ошол тилегим.

Болсо дагы байлыгым, ак сарайым,

Бүт ааламда апам барда мен баймын.

Даңктанамын, мактанамын, анткени,

Атам даңкым, апам аруум ардагым.

Ата-энесиз бул ааламга келбеген,

Айткыла, ким бар, эне сүтүн эмбеген.

Эң кымбаты жашообузда ата-эне,

Өмүрүбүзгө жарык чачып алдейлеген.

Бермет Алымбаева

Ойчулдардын учкул сөздөрү:

1. Бейиш энелердин таманында (Хадис);
2. Эне – ажалга дайыма каршы (М. Горький);
3. Эне бар кезде балалыктан арылуу жок (С. Жейет)

4. Улуттун келечеги энелердин колунда (О. Бальзак);
5. Бешик терметкен кол дүйнөнү башкарат (Уильям Росс);
6. Энелер бизге берген биринчи белек – бул өмүр, экинчиси – мээрим, үчүнчүсү – түшүнүү (Донна Брауэр);
7. Мен энемди канчалык жакшы көрөрүмдү түшүнгөнгө чейин, андан айрылып калдым (Лилиан Хеллман).

Кана балдар, апаңар жөнүндө эмне деген ой-тилектериңер бар?

1-окуучу: Апамды ушунчалык жакшы көрөм. 4 кыз, 2 уулга мээрим төгүп, тарбиялап чоңойтту. Апамдын өзгөчө сапаттары ак көңүл, жайдары мүнөз, меймандос анан да аябай берешен.

Атама мыкты өмүрлүк жар, бизге мээримдүү эне, эң жакын кеңешчи боло алды. Апамдын жасаган тамактары да өзгөчө даамдуу, апамдын колу тийген тамак-аштын баарын тамшануу менен жейм.

2-окуучу: Апам менин өзгөчө, сулуу, сөзгө маани берип, бардык ишти кылдаттык менен жасаган кыраакы аял заты. Биз эки биртууганбыз. Дайыма апама жардам беребиз. Анткени ал эртең менен жумушка эрте кетип кечинде келет. Медайым болуп иштейт. Менден улуу эжем тамак жасап, апам келгиче дастарконду даярдап турабыз.

3-окуучу: Кандай кыйынчылык, кандай кырдаал болбосун апакебиз дайыма биздин жаныбызда акыл-насаатын айтып, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп келе жатат. Апабызды баарыбыз жакшы көрөбүз. Аны күнгө

теңейбиз. Анткени үйгө киргенде апабыз күндөй жаркырап тосуп чыгат. Биздин жаныбызда аман болсун.

Мугалим: Азаматсыңар, балдар! Чынында, ушул даражага жеткирген, баарыбызга өмүр тартуулап, чоң түйшүктү мойнуна артып, жоопкерчилик менен бала тарбиялап, үйдүн куту, түндүктүн түркүгү болуп келе жаткан – бул апалар. Асыл апаларга таазим кылабыз, аларды Айга, Күнгө, Жылдызга теңейбиз. Бардык энелерге бекем ден соолук, берекелүү жана мазмундуу өмүр каалайлы. Ар бирөөңөрдүн коломтоңордон от өчпөй, апаңар менен бактылуу болгула.

Бышыктоо. Суроо: “Эне сыйлаган – элге жагат” ушул макалды кандай түшүндүңөр, балдар? Эне жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

Сабактын жыйынтыгы:

Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:

1. Ата-энеңер ыйык жана ардактуу экенин билесиңерби?

2. Апаларды кандай сыйлаш керек?

3. “Бейиш энелердин таманында” – дегенди кандай талкулайлы?

4. Энесиз үйдүн ичи караңгы, - дегенди кандай түшүнөсүңөр?

Бабалар сөзүн билип жүр!

1. **“**Аял үйдүн куту”.
2. «Эне адаты кызга үлгү».
3. “Энелер жашоо башаты экендигин эч ким тана албайт”.
4. “Улуттун келечеги энелердин колунда”.
5. “Энесин сыйлабаган элин сүйүп жарытпайт”.
6. “Эненин оюу балада, баланын оюу талаада”.
7. “Эне сыйлаган элге жагат, ата сыйлаган абийир табат”
8. “Энеси болушчаактын баласы ыйлаак болот”.
9. “Эне сабырында чек жок”.

Жыйынтыктоо: Мына балдар, бүгүн биз “Эне сыйлаган – элге жагат” деген темада кеп кылдык. Демек, энелерибиз – жашоо башатыбыз, аларды ар убак урматтап, алардын накыл сөзүн угуп жүрүшүбүз керек. Аларга дайыма сый көрсөтүп, жардам берсек, ошондо ак батасын алабыз.

Баалоо: Окуучулар бааланат.

Үйгө тапшырма:

“Эне” жөнүндө ыр жаттап келгиле же дилбаян жазып келгиле.

ТЕМА: “АДЕПТҮҮ АЛКЫШ, АДЕПСИЗ КАРГЫШ АЛАТ”.
(2-класс)

“Адептүүлүк – адамдын көркү”

“Адептүү алкыш, адепсиз каргыш алат”

Сабактын максаты: “Адептүү алкыш, адепсиз каргыш алат” деген жаңы тема жөнүндө түшүнүк ала алышат;

Билим берүүчүлүк: Адептүү болуу, улууларды сыйлоо, сылык болуу, жөнүндө тарбиялоо; сынчыл ой жүгүртүүгө машыгышат;

Өнүктүрүүчүлүк: Окуучуларга “Адептүүлүк, уяттуулук, уятсыздык, абийирдүүлүк, абийирсиздик, намыстуулук, намыссыздык, калыстуулук.” тууралуу кеңири түшүнүк алышат; Адеп-ахлактуулукка, ыймандуулукка тарбияланышат;

Тарбия берүүчүлүк: Окуучуларды адепсиздиктен, уятсыздыктан, намыссыздыктан, калыссыздыктан оолак болууга тарбиялоо.

Сабактагы негизги иш-аракеттер:

“Адам билимге толгон башы менен эмес, адамгерчиликке толгон жүрөгү менен бааланат”, “Ата-эне баласына адеп-ахлак жана жакшы тарбиядан да баалуу белек бере албас” макалдар менен окуучулар менен ой бөлүшүү жана маанисин чечмелөө.

Сабактын жабдылышы: Адептүүлүк жөнүндө накыл сөздөр, макал-лакаптар, ырлар, сүрөттөр.

Сабактын формасы: аралаш сабак.
Сабактагы предмет аралык байланыш: Кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, практикалык.

2. **Сабактын жүрүшү: Уюштуруу**



Мугалим: Бүгүнкү темабыз, “Адептүү алкыш, адепсиз каргыш алат”

АДЕПТҮҮЛҮК ДЕГЕН ЭМНЕ?

Адамдын жүрүм-туруму, карым-катнашы, бири-бирине жасаган мамилеси адептүүлүктүн белгиси.
Ага көптөгөн жакшы сапаттар кирет:

- ***Сылыктык***
- ***Сыпайкерчилик***
- ***Улууну урматтоо***
- ***Кичүүнү ызаттоо***
- ***Достук***
- ***Эмгекчилдик***
- ***Тазалык***

Мугалим: Адептүүлүк деген сөздү өзүбүздөн улуулардан көп угабыз. Ата-энебиз да адептүү болгула деп дайыма айтышат.

Сылыктык, сынайыгерчилик, элпектик, улуу-кичүүнү сыйлоо сыяктуу сапаттар ар убак адептүүлүктүн белгиси болуп келген. Булар элибиздин салтында, урп-адатында калып танып жана өркүндөп келе жатат.

Адептүүлүк эрежелерин биз улуулардан дайыма үйрөнүп, өзүбүздөн кичүүлөргө аздыр-көптүр үйрөтүүбүз керек. “Этика” деген эл аралык түшүнүк бар. Ал адептүүлүк эрежелеринин жыйындысы. Бүгүнкү күндүн талабы боюнча адам адептүү гана болбостон, айлана чөйрөдөгү адамдардын эң жакшы жүрүм-турумдарын өз алдынча үйрөтүүгө жана аны башкаларга үйрөтүүгө тийиш.

Элибизде : Адептүү алкыш алат, адепсиз каргыш алат” деген абдан маанилүү накыл сөз бар.

Адептүүлүктүн негизги белгилери – кичи пейилдик, жөнөкөйлүк. Эстүү адам өзүнүн кичи пейилдүүлүгү менен айырмаланып, билими жана чечендиги менен адамдардын көңүл тереңине, өзүнө жол ачат. Көпчүлүк арасында улууларды чын дилден сыйлай билүү, өзүнөн кичинекейлерди ызаат кылуу эң негизги милдеттерден.

Адептүү болуу – акырындык менен калыптандырылуучу жана өтө татаал иш. Ошондуктан үйдө болсун, көчөдө болсун артыкча жосундарды колдонбой, дайыма адам баласынын асыл сапаттарын көңүлгө түйө жүрүү керек. Өзүңө кандай жакшы максаттарды, тилектерди кааласаң башкаларга да,

дал ошондой тилек –максаттарды каалоо – адептүү, маданияттуу адамдардын белгиси.

Адептүү бала сөз айтса тил алат, бир жакка жумшаса буйдалбай иш кылат, алдынан чыккан адамга биринчиден болуп салам айтат. Жакшы мүнөзү менен, кылык-жоруктары менен кубантып далайды. Тарбиясы бар балдар көп окуп көптү биле алат. Мындай балдар алкыш гана алат.

Кекчилдик, оройлук, кекирейүү, мактанчаактык, билимсиздик, маданиятсыздык, ата-энесинин тилин албагандар жат жактардан алыс болуу керек:

- Улууларга каяша айтса, чоңдордун тилин албаса, достору менен

мушташса, абийрсиз болуп өссө, кыздарды капа кылса, мындай сапаттар адепсиздикке гана алып барат. Орой сүйлөп, өз каалаганын жасап, элди көзгө илбегендерди элдер ар убак жактырбай келишкен. Сөзсүз мындай балдар каргыш алат.

Өжөрлүк – уятка, жеңилдик – өкүнүчкө, заар тил-өчөшкөндүккө, жалкоолук- басынууга алып келет. Ошого балдар, силер, мыкты кулк – мүнөздөрдү үйрөнүп, башкаларга үлгү болууга тийишсиңер.

Бышыктоо. Суроо: “Адептүү алкыш, адепсиз каргыш алат” ушул макалды кандай түшүндүңөр, балдар? Адептүүлүк жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

Сабактын жыйынтыгы:

Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:

1. Адептүү балдар кандай сапаттарга ээ болушат?

2. Сен өзүңдү адептүүмүн деп эсептейсиңби?

3. Адепсиз балдар барбы биздин арабызда?

4. Дагы кандай макалаларды билесиңер адептүүлүк жөнүндө?

Бабалар сөзүн билип жүр!

1. **“**Адеби жоктун аты-жөнүн сураба”.
2. «Адеби жоктун, уяты жок».
3. “Адепсиз бала – таманга жабышкан чыла”.
4. “Адепсизден алыс кач”.
5. “Адепсизден да адептүүлүктү үйрөн”.
6. “Адептүү – алкыш алат, адепсиз – каргыш алат”.
7. “Адептүү жигит азаптан алыс болот”.
8. “Адептүүлүк – адамдын көркү”.
9. “Дили адептүүнүн тили адептүү!...”.
10. “Адептүүлүк – өркүндөгөн чыныгы инсандык касиет”

Жыйынтыктоо: Мына балдар, бүгүн биз “Адептүү – алкыш алат, адепсиз – каргыш алат” деген темада кеп кылдык. Демек, адептүү болууга, жакшы сапаттарга ар кимибиз ээ болушубуз керек. Анткени, балдар адамгерчилик толгон жүрөгү менен бааланат. Силер дагы баарыңар адептүү болгула!

Баалоо: Окуучулар бааланат.

Үйгө тапшырма:

“Адептүүлүк” жөнүндө макалдардан жаттап келгиле. “Адептүү киши азаптан алыс болот”, “Абийир тапса баласы, атасына бак конот”, “Адамдын көркү адилеттүүлүктө, жигиттин көркү адептүүлүктө”, “Адептүүлүккө жаш кезинден үйрөн”, “Адам көйнөгүнөн эмес, адеби менен бааланат”, “Адеп – ыймандын сырткы көрүнүшү”.

ТЕМА: “ЧЫНДЫК ЖАНА ЖАЛГАН.”.
(2-класс)

“Өмүр бою өзүңдү чындыкты айтууга үйрөт”

“Чындык жана жалган”

Класстык сааттын максаттары:

- **1.** Чындык менен жалганды айырмалоого тарбиялоо;
- 2. Адамдын мүнөзүнө тиешелүү сапаттары жөнүндө кенже окуучулардын аң-сезимине жеткирүү;
- Байкоо жүргүзүү жана салыштыруу.

Өнүктүрүүчүлүк:

- Окуучулардын мамлекеттик символдор жаатындагы кругозорун кеңейтүү, таанып билүүгө кызыгуусун арттыруу;
- Таанып билүүчүлүк жөндөмдү жана чыгармачылыкты өнүктүрүү.

Тарбия берүүчүлүк:

- Окуучуларды КР мамлекеттик символдорун, урматтоо менен камкор мамиле жасоого тарбиялоо;
- Окуучулардын өз Ата-Мекенине болгон патриоттук сезимдерин жана сүйүүсүн тарбиялоо.

Күтүлгөн натыйжалар:

- Окуучулар мугалимдин жардамы менен мамлекеттик символдун, символиканын, КР Мамлекеттик Туунун маанисин жана ордун түшүнүшөт.
- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туусундагы ң белгилердин маанисин билишет.

Баалуулуктарды сиңирүү: Кыргызстандын тарыхына болгон кызыгуусун арттыруу; патриотизмге тарбиялоо; адеп-ахлактык сапаттарды тарбиялоо; өз ара байланыш, баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү (башкалардын пикирин урматтоо, уга билүү жөндөмү).

Класстык сааттын жабдылышы жана көрсөтмөлүүлүгү:

Класстык сааттын тиби: Жаңы билимдерди үйрөтүү сабагы.

Класстык саатты өтүү методу: Иллюстрациялык түшүндүрүү сабагы.

Уюштуруу формасы: Индивидуалдык, фронталдык.

Сабактын максаты: “Чындык жана жалган” деген жаңы тема жөнүндө түшүнүк ала алышат; Чындык менен жалгандын маанисин ажыратып билүү; Байкоо жүргүзүү жана салыштыруу.

Класстык сааттын милдеттери:

Билим берүүчүлүк:

- Чынчыл жана жалган жөнүндө маалымат берүү***;***
- Чынчыл, адептүү жакшы сапаттарын жана жалганчылык жаман

сапат экени жөнүндө маанисин түшүндүрүү;

- Окуучулардын чынчыл жана жалгандын маанилүүлүгүн аңдап

түшүнүүлөрүн шарттоо.

- Чынчыл, адептүү болуу, улууларды сыйлоо, сылык болуу,

жөнүндө тарбиялоо; сынчыл ой жүгүртүүгө машыгышат;

Өнүктүрүүчүлүк:

- Окуучулардын “чынчылдык, уяттуулук, уятсыздык,

абийирдүүлүк, абийирсиздик, намыстуулук, намыссыздык, калыстуулук” тууралуу кеңири түшүнүк алышат;

- Таанып билүүчүлүк жөндөмдү жана чыгармачылыкты өнүктүрүү.

Тарбия берүүчүлүк:

- Окуучуларды адепсиздиктен, уятсыздыктан, намыссыздыктан,

калыссыздыктан оолак болууга тарбиялоо;

- Окуучуларды чынчылдыкка тарбиялоо.

Күтүлгөн натыйжалар:

- Окуучулар мугалимдин жардамы менен чынчыл жана жалганчы

деген эмне? Маанисин түшүнүшөт.

Баалуулуктарды сиңирүү: Чынчыл адамдын жакшы сапаттарын арттыруу, адептүүлүккө тарбиялоо; өз ара байланыш, баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү (башкалардын пикирин урматтоо, уга билүү жөндөмү).

Сабактагы негизги иш-аракеттер:

“Чындык наристенин жүзүндөй таза”, “Адептүүлүк – өркүндөгөн чыныгы инсандык касиет” макалдар менен окуучулар менен ой бөлүшүү жана маанисин чечмелөө.

Сабактын жабдылышы: Чындык, жалганчылык, адептүүлүк жөнүндө накыл сөздөр, макал-лакаптар, ырлар, сүрөттөр.

Класстык сааттын тиби: Жаңы билимдерди үйрөтүү сабагы.

Сабактын формасы: индивидуалдык, фронталдык.
Сабактагы предмет аралык байланыш: Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, практикалык.

1. **Сабактын жүрүшү: Уюштуруу.**

Саламдашуу.

Классты толуктоо, келбегендерди журналга белгилөө.

Мугалимдин кириш сөзү:

Мугалим: Бүгүнкү темабыз, “Чындык жана жалган”.

Жалган – баткак. Чындык – гүлзар бак-шактуу,
Жалган – мылтык. Чындык – толгон ай аппак.
Чындык – замзам, соолбой аккан мөлтүрөп,
А жалган – уу ким колдонсо өлтүрөт.
Чындыкты айткан адам үч нерсеге жетет,
Ал ишеним, сүйүү жана урмат.

Балдар, биз билебиз “Калп сөз – ырыс кесет”, “Калптын казаны кайнабайт” деген сонун макалдар бар. Калп, жалган сүйлөгөн адам ишенимден кетет, урмат-сыйга ээ болбой калат жана абийири таза эмес болот. Ошого мектеп учурунан баштап эч качан ата-энеңерге, биртуугандарыңарга, досторуңарга, классташтарыңарга жалган сүйлөбөгүлө. “Дили адептүүнүн, тили адептүү”.

“Чындык наристенин жүзүндөй таза” – дешет. Ошого ар убак чынчыл болгула, өмүрүңөрдү жалган менен аралаштырбагыла. Чындык нерсе көңүлдү жай алдырат. Жалган нерсе шек туудурат. Жалгандан сактангыла!

Жашоодо эмне чындык, эмне жалган?
Мээнетсиз жеңил жеткен бакыт жалган.
Алдап баарын эмгегин жеген жалган
Убайын көрөр кезде умсундуруп,
Учуңдан кумдай чууруп түшүп калган.
Дүйнөдө эмне чындык, эмне жалган?
Өмүрдө эмне чындык, эмне жалган?
Жадырап жаздай келген жаштык жалган.
Баарына сунган колуң жетеринде,
Балынан аз таттырып тартып алган.
Турмушта эмне чындык, эмне жалган?
Күргүштөп өтүп жаткан өмүр жалган.
Дүйнөдө эмне чындык, эмне жалган?

Мугалим: Келгиле балдар жалган менен чындык жөнүндө макал-лакаптарды талкуулап көрөлү:

“Чынчылдык, ак ниеттүүлүк”
Бул силердин жашооңордун
Нормасына айланышы керек

1-топ	2-топ
Чынчылдык – бул ак ниеттүүлүк, абийирдүүлүк, кынтыксыздык. Чынчылдык - бул сапаттуу, абийирдүү, татыктуу адамдын сапаты. Чын айтып зыян тапсаң, акыры жетесиң муратка, калп айтып пайда тапсаң, акыры каласың уятка. Адамдагы эң жакшы нерсе – чынчылдык. Ата-эненин бактысы балдардын чынчылдыгы жана эмгекчилдиги. Чынчылдык - бул адамдар бири-бирин алдабаганында. Өмүр бою өзүңдү чындыкты айтууга үйрөт.	Жалган сөз сени жарытпайт, чындык сөз сени карытпайт. Таттуу калптан, ачуу чындык жакшы. Калп айтып жыргайм дегенче, чындыкты айтып азап чек. Калптын казаны кайнабайт, дасторкону жайнабайт. Калп сөз – куру сөз. Калпычынын эртеңи түгөнбөйт. Калптын өмүрү коендун куйругунан кыска. Калптын оозу-мурду кыйшайбайт. Калптын сөзү ушак, чындан сөзү тузак. Калптын чырагынан жарык түшпөс. Калпычы элге ишенбейт.

Чындык жерде калбайт. Чындык күндөн жарык.	Калп айткан киши жарыбайт. Калп – оору, чындык – дары.

- **Бышыктоо.** Суроо: “Чын айтып зыян тапсаң, акыры жетесиң муратка, калп айтып пайда тапсаң, акыры каласың уятка” ушул макалды кандай түшүндүңөр, балдар? Чындык жана жалган жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

Сабактын жыйынтыгы:

Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:

1. *Чынчылдык деген эмне?*
2. *Адамда эң жакшы сапат – чынчылдыкпы?*
3. *Чындык жерде калбайт дегенди чечмелеп бергилечи?*
4. *Калп айтуу терс сапаттардын бири экенине ынандыңбы?*
5. *Буга чейин жалган сүйлөдүң беле?*
6. *Калп айткан киши зыян тартаарын билдиңби?*
7. *“Калптын казаны кайнабайт” деген макалды кандай түшүндүңөр?*

Бабалар сөзүн билип жүр!

1. “Чындык күндөн жарык”.
2. “Адамдагы эң жакшы нерсе – чынчылдык”.
3. “Адеби жоктун аты-жөнүн сураба”.
4. “Чынчылдык - бул адамдар бири-бирин алдабаганында”.
5. “Адептүүлүк – адамдын көркү”.
6. “Калп сөз – жандын душманы”.
7. “Калптын казаны кайнабайт”.
8. “Калп айткан киши жыргабайт”.
9. “Калпычы элге ишенбейт”.
10. “Калп сөз – куру сөз”.

Жыйынтыктоо: Биз жогоруда адамдардагы терс сапаттардын бири болгон “калп айтуу, “жалган сүйлөө” жана алардын зыяндуулугу тууралуу билдик. Калп адамдын абийирин ачат, аброюн кетирет, жаманатты кылат. Калп сүйлөгөн адамга эч ким ишенбей калат. Ишенимден кеткен адам ийгиликке да жетпейт. Калпычы убадага турбайт, улам бир жалган шылтоону таба берет. Чындыктын орду жакшы, жалгандын орду жаман. Ошого балдар чынчыл болгула, калп сүйлогөн адамга эч ким ишенбей калат.

Демек балдар:

- Эл алдында ак ниет, чынчыл болсоңор эл дагы силерди сыйлайт;
- Калп айтсаңар досторуңар дагы силерден алыстайт;
- Көрүп туруп жалган нерсени чын деп айтпагыла;
- Колуңарда бар туруп жок деп жооп бербегиле;
- Эч убакта өзүңөрдөн улуу адамдарга калп сүйлөп, аларды алдабагыла!

Баалоо: Окуучулар бааланат.

Үйгө тапшырма:

“Калп жана жалган” жөнүндө макалдардан жаттап келгиле. “Чындык күндөн жарык”,“Адамдагы эң жакшы нерсе – чынчылдык”, “Чынчылдык - бул адамдар бири-бирин алдабаганында”, “Адамдагы эң жакшы нерсе – чынчылдык”, “Ата-эненин бактысы балдардын чынчылдыгы жана эмгекчилдиги”, “Чынчылдык - бул адамдар бири-бирин алдабаганында”, “Өмүр бою өзүңдү чындыкты айтууга үйрөт”.

ТЕМА: “БААТЫРЛАР ЭЛ СЫЙМЫГЫ»
(2-класс)

“Баатыр элден чыгат, байлык жерден чыгат”.

Класстык сааттын максаттары:

- Окуучулар эли, жери үчүн күрөшкөн баатырлар баяны менен таанышат;
- Сылык болуу, улууларды сыйлоо жөнүндө тарбиялоо;
- Байкоо жүргүзүү жана салыштыруу.

Өнүктүрүүчүлүк:

- Окуучуларга Ата Журтту сүйүү, Ата Мекенди коргоо, ар бир атуул үчүн Ата Мекен ыйык экендиги тууралуу кеңири түшүнүк алышат;
- Таанып билүүчүлүк жөндөмдү жана чыгармачылыкты өнүктүрүү.

Тарбия берүүчүлүк:

- Окуучулардын патриоттук сезимин ойготуу, эр жүрөктүүлүккө, сезимталдыкка, эмгекке тарбиялоо;

- Окуучулардын өз Ата-Мекенине болгон патриоттук сезимдерин жана сүйүүсүн тарбиялоо;

  - Окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоо.

Күтүлгөн натыйжалар:

  - Окуучулар мугалимдин жардамы менен патриоттуулук

деген эмне? Маанисин түшүнүшөт.

Баалуулуктарды сиңирүү: Кандай адам эл камын ойлойт; Өз камын гана ойлоп жашаган туурабы? - Сен чонойгондо мекениңе, элине кандай пайда келтирсем деп ойлойсун? өз ара байланыш, баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү (башкалардын пикирин урматтоо, уга билүү жөндөмү).

Сабактагы негизги иш-аракеттер:

"Баатыр бир өлөт, коркок миң өлөт", "Баатыр болсоң – душмандан качпа" макалдар менен окуучулар менен ой бөлүшүү жана маанисин чечмелөө.

Сабактын жабдылышы: Баатыр жөнүндө накыл сөздөр, макал-лакаптар, ырлар, сүрөттөр.

Класстык сааттын тиби: Жаңы билимдерди үйрөтүү сабагы.

Сабактын формасы: индивидуалдык, фронталдык.
Сабактагы предмет аралык байланыш: Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, практикалык.
Баалуулуктарды сиңирүү: Кыргызстандын тарыхына болгон кызыгуусун арттыруу; патриотизмге тарбиялоо; адеп-ахлактык сапаттарды тарбиялоо; өз ара байланыш, баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү (башкалардын пикирин урматтоо, уга билүү жөндөмү).
Класстык сааттын тиби: Жаңы билимдерди үйрөтүү сабагы.
Класстык саатты өтүү методу: Иллюстрациялык түшүндүрүү сабагы.
Уюштуруу формасы: Индивидуалдык, фронталдык.

2. **Сабактын жүрүшү: Уюштуруу.**

Саламдашуу.

Классты толуктоо, келбегендерди журналга белгилөө.

Мугалимдин кириш сөзү: Окуучулардын сабакка даярдыгын байкап, аларга жакшы маанай каалоо. Суроолордун тегерегинде маектешүү уюштуруу:

- Кандай адам эл камын ойлойт? Ата Журтубуз – ата-бабалар жашап

өткөн жер. Ата-Мекен – эч нерсеге алмаштыргыс касиеттүү ыйык жер. Аны көз карегибиздей сактоо ар бир жарандын ыйык милдети. Тарыхка көз жүгүртсөк, жаратылышы кооз, байлыгы мол жерибизге көз арткандар көп болгон. Алар элди талап-тоноп, чилдей тараткан, Ала-Тоону ээлеп алган учурлары болгон. Элибиз мүнкүрөп турган чагында Манас баатыр 12 жашында душмандын баатырларын женип, 40 жигит кураган. Ар бир кыйын кезенде эл ичинен эли-жери үчүн жан аябаган эр азамат баатырлар чыгып, Мекенди коргоп келди.

- Манас кыргыз элин жок болуп кетүүдөн сактаган. Кыргыз эли үчүн

соккон жүрөгү.

- Баатырыбыз Барсбек болгон – өз мезгилинин саясий ишмери болгон. .

VII кылымда түрктөргө каршы тышкы саясат жүргүзгөн. 711-жылы курман болгон.

- Мукаммед – Кыргызстанды Монголстандын бийлигинен бошотуп алуу

үчүн күрөшкөн. Ысык-Көлдүн жээгинде Барскоондун жанынан тосуп, 1526-жылы монголдорду Кашкарга сүрүп чыгарган.

- Тайлак баатыр – 1832 –жылы Кокондун беги Нарын, Ат-Башы, Ак-

Талаа, Тогуз-Торо өрөөнүнөн бой жеткен сулуу кыздарды өстүрүп, балдарды шылтоо менен жылкы, кой, тоо, баалуу таштарды чогултуп, 50 жоокер алып кетмек болот. Ошондо Тайлак баатыр жигиттери менен Назар бекти өлтүрүп, кыздар, балдарды бошотуп, үйлөрүнө жиберет.

- Атаке баатыр - XVIII кылымда бир жагынан Цинь (кытай)

баскынчылары, экинчи жагынан казак султандары, үчүнчү жактан Кокон хандыгы кыргыз жерин басып, элин көз каранды кылууга аракеттенет. Элин сакташ үчүн Россия менен ымала түзгөн. А алфавитинде жазган каты Омск шаарындагы архивде азыркы күндө да сакталып турат.

- Атакенин баласы – Карабек, Карабектен – Жантай, Жантайдан Шабдан

төрөлгөн. Шабдан баатыр – өз мезгилинин кеменгер эл башчысы, элдин ынтымагы деп жанын аябай кызмат кылган. Бей-бечараларга кайрымдуу, кен-пейил, патриот адам болгон. Байлык топтоого, атак-даңкка умтулган эмес.

- Ормон хан – XIX кылымдын орто ченинде түндүк кыргыз урууларын

бириктирүүгө киришет. Жыйын чакырып, Сарбагыш, Бугу, Саяк, Солто, Саруу, Кушчу, Черик урууларынан биримдик түзөт. Казак султандарын жөнгө салат.

- Байтик баатыр – Чүй өрөөнүн Кокон хандыгынын бийлигинен

куткарууда чоң эмгек сиңирген. Капитан чини жана орден менен сыйланган.

- Улуу Ата Мекендик согуштун баатырлары: 1941-1945- жылдарда

дүйнөгө дүрбөлөң салган коогалуу согуш башталды. Элин-жерин душмандан сакташ үчүн кыргыздын улан-кыздары согуш майданына аттанышкан. Чолпонбай Түлөбердиев – душмандын дзотун денеси менен жаап, эл-жери үчүн жанын берген.

- Дүйшөнкул Шопоков – 1941-жылы Москваны коргогон 28

панфиловчулардын ичинде болгон. Салгылашуу учурунда ок тийип, оор жарадар болсо да бир нече гранатаны алып, келе жаткан танканын алдына боюн таштаган.

- Ооганстандагы коогаланда Кыргызстандан 7000ден ашуун жоокер

катышкан. Алардын 30 га жакыны туулган жерине кайтып келген эмес. Сулайманов Аблас – 56 жолу согуш операциясына катышкан, 1982-жылдын 20-августунда душмандын курчоосунда курман болгон.

- Эл аралык терроризмге каршы күрөштө Баткен жергеси жана

баткендиктер «эрдик» медалына ээ болгон. Алар Тажидин Тайлаков - айыл өкмөтүнүн башчысы, Шахабидин Моложанов – милициянын лейтенанты, Мелис Торобеков, Расул Рахматуллаев - жоокерлер. Мындай бирдиктүү, ынтымактуу элди эч бир душман жеңе албасын Баткен окуясы далилдеди.

Мугалим: Мына балдар биз кичине болсо да баатырлар жөнүндө маалымат уктук. Эми бул суроого жооп бергилечи:

Мугалим: - Баатыр деген ким? Бул жеке кызыкчылыктарды жеңип,

элдин эркиндигине, жакшы жашоосуна, тынччылыгына кам көрүп, бардык күч аракетин ошого жумшаган кишиге гана статус катары эл тарабынан берилет. Демек, баатыр элдин бактысына жаралып, тынчтыгы үчүн күрөшкөн адам.

Чыныгы ар намыстуу адамдар бүгүнкү күндө да бар, ошондой эле кыргыз элибиздин тарыхында көп болгон. Алардын ар намыстуулугу эл ичинде адеп-ахлакты сактаса, эл четинде жоодон коргогон. Алты сан аман турганда, Ыйык кыргыз жеримди, Душмандын буту баскыча, Асыл кыргыз элимди, Тебелетип бөтөнгө, Кор кылып карап жаткыча, Туулбай туна чөгөйүн, Тирүү жүрбөй өлөйүн, Аткарбасам антымды, Төшү түктүү жер урсун! Көкө Теңир өзү урсун!!! Манас атанын ушул улуу идеясы менен мекенибиздин уул-кыздары Барсбектен тартып Курманжан даткага чейин, Исках Раззаковдон тартып, Чолпонбай Түлөбердиевге чейин аба менен дем алгандай дем алып, элинин ар намысы үчүн өз жанын аябай, тарыхта жашап, күрөшүп келишкен.

Согуштун ардагерлери кырчындай жаш кураста согушта кан кечип, төшүн окко тосуп курман болсо, кээ бири жеңиштин желегин желбиретип өз мекенине кайтып келишкен. Өзүнүн эли, жери үчүн күрөшкөн

баатырлардын өлбөс, өчпөс эрдиктери элдин түбөлүк үлгүсү болуп, жүрөктүн түбүндө бекем сакталып калмакчы. Экинчи дүйнөлүк согуштун өзгөчө эрдик көрсөткөн панфиловчу баатырлары жөнүндө бүгүн да эскерип, аларга таазим этишибиз керек.

Азыр балдар мен силерге баатырларды коштогон сапаттарды айтып берем.

Кайраттуулук — баатырдыктын түйшүгүн көтөрө ала турган негизги сапат. "Байлыгыңды жоготконуң эч нерсе жоготконуң, намысыңды жоготконуң көп нерсе жоготконуң, кайратыңды жоготконуң бардыгын жоготконуң" деген кеп бар. Баатырдык жолу катаал болгондуктан түмөн түйшүк башка келет. Андайда кайраттуулук менен тагдырды жеңе билүү — чыныгы баатырдык.

Көрөгөчтүк — акыл-эстин барлыгынан кабар берет. Көрөгөч баатыр баарын алдын ала көрөт, аңдайт, түшүнөт, билет. Учурунда акыл менен, керек жерде сезим менен иш жасап, көрөгөчтүгү көп түйшүктөн сактайт, жакшылыкка жетелейт.

Баатырдыкты коштогон шаарлык, сөз билгилик, адамгерчилик, каниеттүүлүк өңдөнгөн дагы башка сапаттар да толтура. Бирок баатыр болуу баарынын эле тагдырына буйрубаса керек.

Баатырдын түрлөрү

Байыркы мезгилде баатырдык жоокерлик менен сыналган. Андагы аракеттерине ылайык, баатырларды эл арасында төмөнкүчө бөлүп сыпатташкан.

Шер – ажалдан кайра тартпаган, коркуу эмне экенин билбеген баатыр. Буга Манас ата баштаган, Алманбет, Ажыбай, Сыргак дагы көптөгөн баатырларды кошууга болот.

Көк жал – колу сынса ийинге таңып, буту сынса үзөңгүгө таңып, аягына чейин күрөшкөн, беттегенден кайра тарпаган, акыры жеңген, жеңбесе өлгөнчө күрөшкөн баатыр. Бул сыпаттамага Чубак атанын сапаттары айрыкча туура келет.

Илекор баатыр – согуштук стратегияны мыкты өздөштүрүп, амал-айла таба билген баатыр. "Ат жыгылып тургуча алтымыш акыл ойлогон…" деп Серек ата баяндалат. Демек, ал илекор баатыр болгон.

Жеке баатыр — керек жерде жайнаган душманга жалгыз катылган, колдоочу, коштоочусу табылбаса жалгыз эрдик жасаган баатыр. Каптап калмак келгенде Курманбек баатырдын кырк жигитине "Кебиме кулак салгыла, кырк жигитим калгыла, кылкылдаган кол келди, мен барайын алдына" деп айткан жери бар. Жалгыз катылуудан коркпогон Курманбек баатыр жеке баатыр болгон го…

Ээрчиме баатыр — башка баатырлардын шары менен жүргөн баатыр. Жеке колунан иш келбесе да, көпчүлүккө сүрөөн болууга жарайт.

Опсуз баатыр — амал-айланы колдонууну билбеген, аң-дөңдү карабай, аянбай согушкан баатыр. Анын баатырдыгынын ченеми жок. Акылга сыйгыс баатыр.

Бышыктоо. Суроо: “Баатырлар эл сыймыгы” ушул макалды кандай түшүндүңөр, балдар? Баатырлар жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

Сабактын жыйынтыгы:

Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:

1. *“Ата Мекенибизди сүйүп, эли-жери үчүн жанын берген кандай баатырларды билесиңер?*
2. *Баатыр деген ким?*
3. *Баатырлардын кандай сапаттарын билесиңер?*
4. *Кандай адам эл камын ойлойт?*

Бабалар сөзүн билип жүр!

1. Баатырдын атын алыстан ук, жанына барсаң бир киши”.
2. “Баатырдын баш ийгени — өлгөнү”.
3. “Баатырдын жоодон өлгөнү — элине шыпаа”.
4. “Баатырдын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт”.
5. “Баатырдын өмүрү кыска, даңкы узун”.
6. “Баатырдын көркү — маңдайда, чечендин көркү — таңдайда”.
7. “Баатырдын көркү— эрдикте”.

Жыйынтыктоо: Мына балдар, бүгүн биз “Баатырлар эл сыймыгы” деген темада кеп кылдык. Демек, силер кичине кезиңерден өз Ата-Мекениңерди сүйүп, эл-жериңердин даңкын чыгарып, патриот болушуңар керек. «Эл-жери үчүн кызмат кылуу – бардык кызматтардан улуу» - дегендей ар-бирибиз Ата Мекенибизди сүйүп, эл-жер үчүн жан тарткан атуулдардан бололу.

Жоокер ыры: Жаттап келгиле.

Элимдин бейпилдигин намыска бек сактаймын,
Энеке ак сүтүндү эл коргоп мен актаймын.
Эр жигит эл четинде, азамат жоо бетинде.
Алыста кыргыз элим, ар дайым сезимимде.

Баалоо: Окуучулар бааланат.

Үйгө тапшырма:
“Баатырлар эл сыймыгы” жөнүндө макалдардан жаттап келгиле.

ТЕМА: “УЛУТТАР БИРИМДИГИ – УЛУУ БАЙЛЫК»
(2-класс)

“Улуттар аралык ынтымак бекем болсо, өлкөдө туруктуулук орнойт”.

Класстык сааттын максаттары:

- Ата-Мекенди сүйүүгө жана Ата-Журту менен сыймыктанууга тарбиялоо;
- Окуучулар башка улуттарды сыйлоого, урматтоого тарбияланышат;
- Кыргыз элинин улуттар аралык ынтымагын чыңдоого салым кошушат;
- Байкоо жүргүзүү жана салыштыруу.

Өнүктүрүүчүлүк:

- Окуучуларга улуттардын тили, үрп-адаты тууралуу кеңири түшүнүк алышат;
- Улут аралык достук биримдик, тынчтык – мекенибиздин өнүгүшүнүн негизги шарты экендигин кенже окуучулардын аң-сезимине жеткирүү;
- Окуучулар өз ойлорун кеңири айта алышат.

Тарбия берүүчүлүк:

- Окуучулардын улуттар аралык сезимин ойготуу, ынтымакка, сезимталдыкка тарбиялоо;
- Окуучулардын өз Ата-Мекенине болгон патриоттук сезимдерин жана сүйүүсүн тарбиялоо;
- Окуучуларга адамдардын бири бирине окшош болбостугун, адамдардын ортосундагы айырмачылыктар болоорун түшүндүрүү.

«УЛУТТАР АРАЛЫК ЫНТЫМАК-БИРИМДИК»

Күтүлгөн натыйжалар:

- Окуучулар мугалимдин жардамы менен улут, улуттук биримдик деген эмне? Маанисин түшүнүшөт.

Баалуулуктарды сиңирүү: «Ынтымак бар жерде ырыс бар» Өз камын гана ойлоп жашоо туурабы? - Сен чонойгондо , элиңе кандай пайда келтирсем деп ойлойсуң? Өз ара байланыш, баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү (башкалардын пикирин урматтоо, уга билүү жөндөмү).

Сабактагы негизги иш-аракеттер:

“Ырыс алды ынтымак”, “Улутту улут кылган – тил!” макалдар менен окуучулар менен ой бөлүшүү жана маанисин чечмелөө.

Сабактын жабдылышы: Улут жөнүндө накыл сөздөр, макал-лакаптар, ырлар, сүрөттөр.

Класстык сааттын тиби: Жаңы билимдерди үйрөтүү сабагы.

Сабактын формасы: индивидуалдык, фронталдык.
Сабактагы предмет аралык байланыш: Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.
Колдонулуучу методдор: түшүндүрүү, практикалык.
Класстык сааттын тиби: Жаңы билимдерди үйрөтүү сабагы.

Класстык саатты өтүү методу: Иллюстрациялык түшүндүрүү сабагы.
Уюштуруу формасы: Индивидуалдык, фронталдык.

3. **Сабактын жүрүшү: Уюштуруу.**

Саламдашуу. Классты толуктоо, келбегендерди журналга белгилөө.

Мугалимдин кириш сөзү: Окуучулардын сабакка даярдыгын байкап, аларга жакшы маанай каалоо. Суроолордун тегерегинде маектешүү уюштуруу:

Элим деп жалын отту кечели биз,
Канча бир улут
Катарга туруп,
Бөлүнбөй бүтүн болсун мекенибиз.
Жерим деп кадырына жетели биз...
Канча бир улут
Катарга туруп,
Бек болсун мекенибиз.

Мугалим: Балдар бүгүнкү темабызга байланыштуу «Улут» деген сөзгө түшүндүрмө берип кетейин. Улут деген эмне? Улут – тили, маданияты, каада-салттары, жашоо ыңгайынын өзгөчөлүктөрү менен башка элдерден айырмаланган адамдардын белгилүү бир этностук жалпылыгы.

Биздин Кыргызстан көп улуттун өкүлдөрү жашаган өлкө. Биздин өлкөдө 80ден ашуун улуттун өкүлдөрү жашайт. Кыргызстанга 18-кылымда башка улуттар келе баштаган. Калктын 73 пайызы — этникалык кыргыздар. Дагы 15 пайызынын улуту өзбек. Үчүнчү орунда орустар, украин, немис улуттары турат жалпы калктын беш пайызы.

Кийинки катарларды дунган, уйгур жана тажик улуттары ээлеген, алардын ар биринин саны бир пайызды түзөт. Ошондой эле Кыргызстанда түрктөр, казактар, татарлар, азербайжандар, немецтер, түркмөндөр, чечендер, белорустар жана башкалар жашайт.

Демек, кыргыз элибизде биз менен жашаган башка улуттар менен ынтымакта болушубуз керек. Эч кимге кошулбай өзүнчө бөлүнүп жашоого

мүмкүн эмес, башка элдер менен дайыма алакалаш жашоо зарылдыгын бабаларыбыз да туура баамдаган. Мисалы: ”Жалгыз аттын чаңы чыкпайт”, жалгыз эрдин даңкы чыкпайт”, “Ынтымак бар жерде ырыс бар” делет. Илгери Каныкей апабыз айткан акылман сонун сөздөрү бар: “Уругу кытай улуу журт. Кылым кытай эл деген, Кыяматка жеткенче Кылайып душман жеңбеген.- деген сөзүнөн кытай элинин күчүнө, касиетине, мүмкүнчүлүгүнө тан берүү байкалат. Ошондон улам эпосту жараткан ата-бабаларыбыз байланышы болгон бардык элдерге өзүнүн туура баасын берип, өздөрүн алардан артык да, кем да көрбөгөнүн туябыз. Авар элинин белгилүү акыны Расул Гамзатовдун: «Дагестанда: ким кошунасын тилдесе ал келесоо, ким башка улутту сөксө - ал өз улутунун акмагы, ким чоочун өлкөнү урушса анда ал өз өлкөсүнүн нааданы дешет» деген сөзүн эске салгыбыз келет.

Өз элин бекем сүйүп, ага жан аябай кызмат кылуунун да, башка элдерди бөтөнсүнбөй бирдей сыйлоонун да үлгүсүн манастан көрөбүз.

Кыргыз элинин тарыхы бери дегенде эки миң жылдан ашуун жол баскандыгы белгилүү. Мына ошондон бери эле кыргыз эли алыскы жана жакынкы чет өлкөлүктөр менен тыгыз кызматташууда.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан бейпилчиликте жана тынчтыкта өнүгүп бараткан өлкө. Анын ичинде 100дөн ашык ар түрдүү улуттун өкүлдөрү ынтымак-ырашкеликте, коюн – колтук алышып, кыз беришип, келин-алышып тынчтыкта доор сүрүп келатышат.

Классыбызда башка улуттардын балдары окушат. Силер алар менен ынтымактуусуңарбы? Класстын ынтымагы болсо, билим деңгээли жогорулайт. Мындай классты дайыма тынчтык, адилеттүүлүк өкүм сүрөт.

Бышыктоо. Суроо: “Улуттар биримдиги – улуу байлык” ушул макалды кандай түшүндүңөр, балдар?

Сабактын жыйынтыгы:

Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:

1. *“Улут деген эмне?*
2. *Республикабызда кайсы улуттагы элдер жашайт?*
3. *Силердин класста башка улуттагы балдар, кыздар окушабы?*
4. *Силер алар менен ынтымактуусуңарбы?*
5. *Кайсы улуттан досторуң бар?*

Бабалар сөзүн билип жүр!

1. “Улутту улут кылган – тил!”
2. “Ырыс алды ынтымак”.
3. “Адам адамга дос, жолдош, бир тууган”.
4. “Мекендин кадыры башка жерде билинет”.
5. “Журт аймагы кең, аалам менен тең”.
6. “Ынтымак жакшы ырк жакшы, ынтымактуу журт жакшы”.
7. “Эл башчылар достошсо, бактысы болот журтунун”.
8. Элдин элчилиги, журттун журтчулугу — даңаза.
9. “Эли журтуң болбосо, ай — күнүндөн не пайда”.

Жыйынтыктоо: Мына балдар, бүгүн биз “Улуттар биримдиги – улуу байлык” деген темада кеп кылдык. Демек, биздин Кыргызстанда жашаган башка улуттагы элдер менен ынтымакта болушубуз керек.

Баалоо: Окуучулар бааланат.

Үйгө тапшырма:

“Улуттар биримдиги – улуу байлык” жөнүндө макалдардан жаттап келгиле.

МАЗМУНУ

1. Киришүү.....4
2. “Менин мекеним Кыргызстан.....6
3. “Ата-Журтум, кичи мекеним”.....13
4. “Билимдүү болсоң – өсөсүң, билимсиз болсоң – осолсуң”.....18
5. “Тазалык жана тыкандык”.....22
6. “Сүйлөшүү маданияты”.....28
7. “Тил – адамдын күзгүсү”..... 32
8. “Карысы бардын ырысы бар”.....37
9. “Эне сыйлаган – элге жагат”.....42
10. “Адептүү алкыш, адепсиз каргыш алат”.....49
11. “Чындык жана жалган”.....54
12. Баатырлар эл сыймыгы”.....60
13. “Улуттар биримдиги – улуу байлык”.....67